# БОРБОР АЗИЯДАГЫ АДАМ УКУГУН КОРГОО

## Квартал сайын чыгып туруучу маалымат-аналитикалык бюллетень

«Массалык маалымат каражаттары аркылуу Борбор Азияда адам укугун коргоо жана укук таануу» долбоору

№ 4 ЧЫГАРЫЛЫШЫ [январь-февраль 2010 жыл]



Европа Союзу

Согуш жана бейпилдикти чагылдыруу институту (IWPR)

# ЧЫГАРЫЛЫШТА:




**02 ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ**

**10 АКТУАЛДУУ МАЕК**

**17 КАЗАКСТАН:**

Казакстандагы исламисттерге болгон басым.

*Бийлик радикалдуу мүнөздөгү жана мамлекеттин ишкерлигине тоскоолдук кылган ар түрдүү диний топторго каршы катуу иш-чараларды көрүүдө.*

**19 КЫРГЫЗСТАН:**

1. Кыргызстан: журналисттердин коопсуздугу боюнча тынчсыздануулар

*Ырайымсыз кол салуулар медиаөкүлчүлүктү чечкиндүү аракеттерге түртүүдө.*

2. Кыргызстанда кыйноолор прецедентти түзүшү ыктымал.

*Укук коргоочу оргaндардын күч колдонуп күнөөнү моюнга алдырууда, жазалоо өкүмүн алып салуу кыйноолорго каршы күрөштүн үзүрлүү натыйжасы болушу мүмкүн. Бирок зыян тарткан тарап компенсация алып, кыйноого катышкан жана жаап жашырган адамдарды сот аркылуу жазаланышын талап кылышы керек.*

**23 ТАЖИКСТАН:**

1. Тажик укук коргоочулары каттоо институтун алып таштоону талап кылышууда

Сынчылардын пикиринде, каттонун совет тутуму жоюлушу керек.

2. Тажикстан: гезиттерге каршы дооматтар менен убаралануу.

*Медиа-байкоочулардын оюнда, жалаа жабуу боюнча үч басма каражаттарына каршы бир катар сот иштери шайлоолор алдында макулдашылган кампания катары туюлат.*

**26 ӨЗБЕКСТАН:**

Журналисттерди коркутуу менен өзбек бийлиги чындыкты жазууга тыюу салышат.

**28 ТҮРКМӨНСТАН:**

1. Түркмөн укук коргоочулары батыш дипломатиясынан үмүтүн үзбөйт.

2. Түркмөн бийлигинин турак жайларды бузуу кампаниясына каршы нааразычылыктар.

*Тургундар көп кабаттуу үйлөрдү жана жолдорду куруу үчүн бузулган турак жайларга компенсация талап кылышууда.*


## Урматтуу окурмандар!

Сиздердин назарыңыздарга маалымат-аналитикалык бюллетендин төртүнчү чыгарылышын тартуулайбыз. Анда долбоордун иш-чаралары тууралуу кыскача маалымат, аймактын белгилүү укук коргоочулары менен маек жана Борбор Азияда болуп жаткан адам укугун коргоо тармагындагы жаңылыктар бар. Бул чыгарылыштын негизги темалары – Кыргызстандагы акыркы учурдагы журналисттерге кол салуунун санынын өсүшүнө байланыштуу журналисттердин коопсуздугу, Тажикстандын алдыңкы гезиттерин жалган маалыматтарды бергендигин билдирген айыптоолор, Өзбекстан журналисттерин коркутуу фактыларын камтыйт. Андан тышкары биз, Кыргызстанда орчундуу деп каралган кыйноолорду колдонуу маселесине кеңири токтолдук. Мүмкүнчүлүктөн пайдаланып, биздин чыгарылышты пайдалуу жана кызыктуу деп тапкан окурмандарга ыраазычылыгыбызды билдиребиз.

Бюллетень Европалык Кеңештин колдоосунда, британдык Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу Институтунун (IWPR) «Борбор Азиядагы ММКтар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору тарабынан даярдалды. Долбоордун негизги максаттарынын бири – борбор азиялык чөлкөмдөгү коомчулуктун адам укугун коргоо тармагында маалымдуулугун жана сабатын жогорулатуу. Бүгүнкү күндө долбоор Кыргызстандагы балдардын билим алуусунун жеткиликтүүсүн, Тажикстандагы суицид санынын өсүшүн, Казакстандагы сөз эркиндигин колдогон диалог платформасына ээ. Долбоордун ишкерлигинин башка багыты өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрүн коомчулук, массалык-маалымат каражаттары менен байланышууга үйрөтүү, журналисттерге адам укугун коргоонун эл аралык жана улуттук мыйзам үлгүлөрүнө үйрөтүүчү машыгууларды өткөрүү болуп саналат.

Бүгүн IWPR өз ишкерлигин Европа, Афганистан, Иран, Ирак, Сирия, Филиппины, Уганда, Түндүк Африка, Зимбабве, Кавказ жана Борбор Азия өлкөлөрүндө ийгиликтүү ишке ашырат. IWPR Борбор Азияда өз ишин 1999-жылы баштаган, бул убактын ичинде Институт мамлекеттик, өкмөттүк эмес секторлор, медиатүзүмдөр менен ийгиликтүү кызматташат IWPR биринчилерден болуп, жергиликтүү журналисттер менен иштешип, чет элдик кесиптештери менен байланышуусун түздү. Убакыт өткөн сайын бул өнөктүк тыгыз катнаштарды жаратты. Мындай ыкма жаңы алакаларды, идея, билим, жөндөм алмашууну камсыздады. Анын натыйжасы, тил аралык өзгөчөлүктөргө, көз караштарга карабай www.iwpr.net веб-сайтында бириккен макалалар пайда болду. Бул ийгиликтүү долбоорду аркалай IWPR адам укугу, демократиялык маселелерди чагылдырууда чоң салымын кошту.

Ар бир чыгарылышта сиздерди долбоордун ишкерлиги менен тааныштырып, Казакстанда, Кыргызстанда, Тажикстанда, Түркмөнстанда, Өзбекстанда адам укугун бузуу жагдайларын чагылдырып, биздин аймактын реалдуу жаңылыктары жөнүндө айтып берүүгө аракет кылат.

# ДОЛБООРДУН ЖАҢЫЛЫКТАРЫ

## «Журналисттер үчүн адам укугун коргоого киришүү» машыгуусу

Ош ш., Кыргызстан

**30-31 январда** Ош шаарында Кыргызстандын түштүгүндөгү үч дубандын журналисттери үчүн «Борбор Азиядагы ММКтар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору тарабынан уюштурулган машыгуулар өттү.

Машыктыруучу, IWPR долбоорунун редактор-фрилансери Абдумомун Мамараимов, тренингдин катышуучуларына адам укугун коргоонун негизги теориялары, бул тармактагы башкы эл аралык документтер менен тааныштырды.

Тренингдин катышуучулары адам укугун коргоодогу эл аралык жана аймактык механизмдер, аспаптар менен таанышып, укук коргоочулардын, ММКтардын жана мамлекеттик органдардын өлкөнүн жарандарынын укугун коргоо тармагында карым-катнаштарынын маанилүүлүгүн иликтешти.

Машыгууда Ош, Баткен, Жалал-Абад дубандарынын ар кандай ММКтарынан, көз карандысыз журналисттер жана жергиликтүү университеттердин журналистика факультеттеринин студенттери – бардыгы он эки журналист катышты.

Тренингдин катышуучурын алдында ОБСЕнин ОШ шаардык кеңсесинин өкүлү Октам Газиев жана “Адам укугу боюнча эдвокаси Борборунун” ӨЭУ Ассоциациясынын” жергиликтүү чыгааны  Жеңиш Тороев чыгышты. Меймандар катышуучуларга адам укугун коргоодогу ОБСЕнин үлгүсүндө жергиликтүү аспаптар, укук коргоочулардын азыркы шарттардагы ролу жана иши менен кеңири тааныштырып өтүштү. Бул маек катышуучулардын кызыгуусун жаратып, суроолоруна жооп ала алышты.

Тренингде укук коргоочу журналистиканын өзгөчөлүктөрү тууралуу суроолор талкууланып, ал жумуш менен байланыштуу курч жагдайлардан чыгуу мүмкүнчүлүгү каралды. Бул суроолорду талкуулоодо журналисттердин коопсуздугун камсыздоого өзгөчө көңүл бурулду.



*«Тилекке каршы биз мындай иш-чараларга өтө сейрек катышабыз. Ал эми университеттерде практикалык билим бербейт. Эми мен адам укугу жөнүндө тереңирээк билип, адам укугун коргоодо журналисттердин катышуусунун маанилүүлүгүн түшүндүм. Бул машыгууга катышканыма чексиз кубанычтамын».*

***Жалал-Абад мамлекеттик университетинин журналистика бөлүмүнүн студенти Зумрат Исакова.***

*«Адам укугун чагылдырган  журналисттер сабаттуу болуп, бул теманы терең изилдеши керек. Андыктан ар дайым адистигин жогорулатып турушу абзел. Биринчиден бул жумушундагы укук бузууларды алдын алып, өз коопсуздугун камсыздоодо чоң көмөк болот. Экинчиден, мындай билим биздин макалаларды сапаттуу жогорку деңгээлде жазууга мүмкүнчүлүк түзөт. Менимче, машыгуулар мага чоң пайдасын тийгизди.*

***«Ош шамы» гезитинин кабарчысы Гүлзат Газиева.***

*«Акыркы эки жылдан ашуун мөөнөт адам укугу боюнча маселелерди чагылдыруу менен алектенген журналист жана редактор катары көп биздин кесиптештерибизге бул теманы изилдөөдө билим жана тажрыйба жетишпейт деп айта алам. Мындай иш-чаралар биз үчүн абдан маанилүү, анткени адам укугун коргоодо журналисттердин ролу зор деп эсептейм”, – дейт Мамараимов. “Бул машыгуулар укук коргоо тармагында эмгектенген журналисттердин катарын көбөйтөт, деп ишенем. Тилекке каршы алар абдан аз”.*

# Тренинг «Журналисттер үчүн адам укугу»
Душанбе ш., Таджикстан

**29-жана 30-январда** Душанбеде Журналисттер Союзунун конференц-залында «Журналисттер үчүн адам укугу» деген тренинг өттү.

Тренингдин машыктыруучусу Казакстан Эл аралык адам укугун коргоо жана мыйзамдуулукту сактоо бюросунун Караганда филиалынын башчысы Юрий Гусаков болду.

Ю.Гусаковдун айтымында, адам укугун коргоодо ММКтары маанилүү роль ойнойт, андыктан бул теманы чагылдыра турган журналисттер илимдин негиздерин жакшы билиши керек.

Тренингде Тажикстандын бардык аймактарынын 25 журналисттери жана журналистика факультетинин студенттери катышты.

Тренингдин негизги максаты – тажик журналисттерин адам укугунун негиздери жана укук коргоо ишкерлиги менен тааныштырып, бул теманын прессада чагылдыруусуна усул жардаи катары колдонуусуна жардам көрсөтүү.

Машыктыруучу жөнүндө: Юрий Гусаков, укук коргоочу, Казакстан Эл аралык адам укугун коргоо жана мыйзамдуулукту сактоо бюросунун Караганда филиалынын башчысы. Көп жылдык тажрыйбасы бар машыктыруучу (40тан ашуун Казакстанда жана Борбор Азияда өткөрүлүүчү укук таануу тематикасы боюнча тренингдер). Казакстан республикасындагы адам укугун коргоо, жана укук коргоо агартуу иштери боюнча макалалардын, бет ачарлардын автору.



# Укук коргоочу Өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү үчүн тренинг. «ӨЭУ үчүн үзүрлүү байланыш».
Алматы ш.

2010-жылдын **23-24-февралында** MediaNet Эл аралык журналистика борборунун тренинг-бөлмөсүндө «ӨЭУ үчүн үзүрлүү байланыш» аттуу машыгуулар өттү.



Иш-чара Европа кеңеши каржылаган IWPRдин Казакстандагы өкүлчүлүгү тарабынан «Борбор Азиядагы ММКтар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоорунун алкагында уюшулган.

Анын катышуучулары өкмөттүк эмес уюмдардын өкүлдөрү болду. Машыктыруучусу – Игорь Братцев, MediaNet Эл аралык журналистика борборунун башчысынын орун басары, Журналистика мектебинин жетекчиси, Media Relations Groupдун креативдүү башчысы.

Тренингдин негизги темалары: маалымат себептерин иштеп чыгаруу, пресс-релиз мессидждерди түзүү, ММКтары менен үзүрлүү карым-катнаш, долбоорлорду чагылдырууну уюштуруу.

Тренингдин алкагында ММКтары менен иштөөдөгү ӨЭУдардын көп кездешүүчү өзгөчө көндүмдөрү жана катачылыктары иргелди. ӨЭУдардын кызматчылары адис катары эмне менен алектенип, кандай долбоорлорду ишке ашырып жаткандыгына токтолбой, эмне үчүн ал долбоор менен алектенип жатканын, кандай ылайыксыз социалдык чөйрөдө ишкерлик кылып, бул багытта алардын ишкерлигин эмне орчундатаарын так билүүсү зарыл.

Бул ӨЭУдардын ишкерлигиндеги тактика жана түпкү максатын жөн гана болжолдоо жана иштеп чыгуу эмес, ММКтары тарабынан кызыгуу жаратабы, социалдык контексти барбы, долбоордун коомдук маанилүүлүгүн аныктайт.

Тренингдин программасы алынган билимди ММКтарында максималдуу колдонуу, коомдук долбоорлордун ишкерлигин үзүрлүү чагылдырууну уюштуруу принцибинде жүрдү.

Тренингдин ар бир бөлүгү бет ачар катары жүрүп, анын натыйжасында ар бир катышуучуга таратылып берилип, ар бир кадам тизмеленип жазылган. Анын максаты-катышуучулар кийинки өзүнүн ишкерлигинде даяр, иш жүзүндө сыналган усулдарды өз иш чарасына ыңгайлаштырып колдонууга мүмкүнчүлүк түзүү.

Тагыраак айтканда маалыматтык себептер жана мессидждер бөлүгүндө, теориялык материалды түшүндүрүп, бей-

таасын мисалдарда мүмкүн болгон чечимдерден кийин, тренингдин катышуучулары тажрыйба бөлүгүндө өз идея жана темаларын маалымат мейкиндигинде социалдык контексттин маанилүүлүгү, ММКтарынын түрү жана жанрларын эске алуу менен ишке ашыра башташты.

Айтсак, бир топ менен практикалык мисал катары адам укугу боюнча Универсалдуу мезгилдүү сереп алкагындагы Казакстандын биринчи улуттук баяндамасы, ошондой эле ӨЭУдардын атаандаш баяндамасы каралды. Катышуучулар аны окурман аудиторияга маалымат себептердин жардамы менен ар түрдүү басылмаларга ылайыкташтырып, маалымат мейкиндигинин талаптарына жооп бергендей түрлөрүн сунушташты.

Катышуучулар белгилегендей, ӨЭУдардын принципиалдуу тобокелчилигин эске алуучу жана басылма ММКтарынан айырмаланып турган телеканалдар менен иштөө бөлүгү абдан пайдалуу болду.

Керектөөчү аудитория арасында эң актуалдуу деп телевизиондук долбоор саналгандыктан, өкмөттүк эмес сектордун адисин көрүнөө берүү, аны эл жүзүнө таанытуу, талаптуу адамдын келбетин жаратуу абдан кызык болду. Маанилүү басым абройлуу тобокелчилик билимине коюлуп, тренингдин жүрүшүндө так белгиленип, тажрыйба түрүндө иштелип чыкты.

Тренингдин катышуучуларынын пикиринде, алынган маалымат жана машыгуулары ӨЭУдардын мамлекеттик секторго жана бизнеске алдырып койгондугун мойнуна алып, маалымат аянтчаларда атаандаш күрөштөгү ММКтарынын карым-катнаштарына башкача көз караштa кароого жардам берет.

Тренингдин катышуучуларынын бири бул машыгуулар башталгыч укук коргоочуларга эле эмес, жарандык коомдун тажрыйбалуу өкүлдөрүнө да пайдалуу экендигин белгилеп өттү. Катышуучулар ММКтар менен үзүрлүү карым-катнашсыз жарандык сектор өөрчүп өнүкпөөрүн бир оздон айтышты.

Машыктыруучу жөнүндө: Игорь Братцев журналист, media relations тармагынын адиси, ICFJтин медиа-машыктыруучусу, ТВ жана радионун, ошондой эле ММКтарынын онлайн долборлорунун тажрыйбалуу сценаристи.

## Тегерек стол. «Балдардын укугун коргоонун эл аралык жана улуттук үлгүсүн сактоодо мектеп чындыгы».

Бишкек ш., Кыргызстан

**25-26-январда** Бишкекте парламенттин, Билим берүү жана илим министрлигин, укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрү мектеп жетекчилигинин жана ата-энелердин катышуусунда борбордогу жана Чүй дубанындагы балдардын билим алуу мүмкүнчүлүгүн талкуулашты. Мурун мындай талкуулар Таласта, Түптө жана Жалал-Абадда өткөн.





Бул тегерек столдорду утурлап, февралдын башында парламенттик угуулар өтүп, тегерек столдун алкагындагы берилген кепилдемелерди талкууга алынат. Парламенттик угуулардан кийин бул кепилдемелер Жогорку Кеңешинин палатасынын кароосуна жиберилет.

Бишкек пресс-клубдун (BPC) тегерек столунда сүйлөп жатып, КР Жогорку Кеңешинин депутаты, Коммунисттер фракциясынын мүчөсү, балдардын билим алуу укугу боюнча КР мыйзамдуулугун сактоо жана ишке ашыруу мезгилдүү Комиссиясынын төрайымы

Гүлжамал Султаналиева «Кыргызстан өзүнө балдардын укугун коргоо жана камсыздоо милдеттемелерин алганы менен алардын бузулушу өнөкөткө айланган. Аны менен бирге өлкөнүн Конституциясында бекитилген кепилдемелер, мисалы, балдардын билим алуу укугу сакталбай келет», – деди.

Тегерек столдун катышуучулары Кыргыз Республикасынын Конституциясында жазылган акысыз жана жеткиликтүү билим берүү тутумуна каршылаш коммерциялаштыруусунун мүнөздүү багытын баса белгилешти.

Ата-энелер үчүн чоң маселе ыктыярдуу-зордомо салык төлөөлөр болууда. Анын айынан кээ бир ата-эне баласын мектепке киргизүүгө мүмкүнчүлүгү жетпей калат. Талкуу учурунда Гүлжамал Султаналиеванын берген маалыматы боюнча, кирүү салыктар мектеп жана аймакка байланыштуу 2000ден 20000 сомго чейин, ай сайын салыктар 200дөн 500сомго чейин болот. Ага кароолчуга жана тазалоочуга төлөнгөн айлык акы кошулат. «Андан башка мектеп жетекчилиги жаш балдар үчүн тест сынактарын уюштуруп, алардын мектепке даярдыгын текшерет», – деди Султаналиева кириш сөзүндө.

«КР билим берүү мекемелеринде баланын социалдык мартабасы боюнча басмырлоо болуп жатат. Кырдаал балдардын укугунун бузулушу көмүскө мүнөздө болушу менен ырбалууда», – деди «Балдар укугун коргоочулар Лигасы» КФ чыгааны Назгүль Турдубекова. Укук коргоочулар окуусуна төлөй албаган окуучуну психологиялык басым аркылуу мектептен чыгарып салган учурларды көп каттаган.

«Эгер бул жагдайга башка жагынан караса, мыкты деген окутуучу адисттер убагында коммерция жана башка тармакка эмне себептен кеткенин түшүнөбүз. Бүгүнкү күндө мугалимдер жарыбаган айлык албайт, дептер текшерүүгө мамлекет 15 сом бөлүп берет», – деди КР ЖК депутаты СДПК фракциясынын мүчөсү Ирина Карамушкина.

«Бүгүн мектеп директору окуу процессин уюштуруу менен гана алектенбестен, бардык каражат-техникалык суроолорду чечүүгө жоопкер. Анткени мектептердин абалы оор. Ал үчүн азыр мектеп ичинде көзөмөл кеңешин түзүү каралып жатат. Ал мектеп директорлорун бул милдеттеринен бошотот», – деди «Наше право» КФ кеңешчиси Калича Умуралиева.

Тегерек столдо өзгөчө көңүл бөлгөн маселе-мигранттардын балдарынын билим алуусу болду. Мисалы, бишкектин тегерегинде 54 жаңы конуш жайгашкан. Алардын балдар бакчасы жок. Жаңы жерге көчүп барган үй-бүлөнүн каттоосу жоктугуна байланыштуу же кирүү жана ай сайынкы салыгын төлөөгө шарты жок, класстар толуп калгандыктан баланын мектеп алмаштыруусу мүмкүн болбой калат. Сөзгө аралжы, Тегерек столдо билим берүү Министрлигинин өкүлдөрү борбор шаарда дагы 19-20 мектеп куруу зарылдыгын айтып өтүштү.

Бишкекте жана аймактардын билим берүү тармагындагы маселелери үндөш, бирок айырмалары да бар. «Эгер шаардык мектептерге балдарды сынактан өткөрүп кабыл алса, биз, тескерисинче, ата-энелерин балдарын мектепке алып келүүсүн өтүнөбүз», –деди Чүй дубанынын Ысык-Ата райондук мектебинин директору Раби Чекиева. Көп үй-бүлөдө шартка байланыштуу балдар иштеп, окууну таштап салгандыгы белгиленди.

Дагы белгилей кетчү нерсе, өлкөдө мектепте билим албаган балдардын саны өсүүдө. Султаналиеванын сөзүндө бүгүнкү күндө Кыргызстанда мектеп курактагы 70-80 миң бала окубайт. Билим берүү тармагына ИДӨ бөлүнгөн каражаттын 4,7 пайызы гана жумшалат. Ал эми дүйнө жүзүндө бул көрсөткүч 20 пайызга жетет.

КР мектептериндеги билим берүүнү жакшыртуу максатында төмөндөгүдөй кепилдемелер берилди. Улуттук билим берүү идеологиясын; билим берүү Министрлиги менен донордук уюмдар жана долбоорлор ортосундагы кызматташтыкка жооп берүүчү Координациялык кеңеш түзүү; мугалимдерди кызыктыруунун жаңы жолдорун табуу; балдарды окутуунун жаңы ыкмаларын иштеп чыгуу; муглимдик адистик союздун үзүрлүүлүгүн жогорулатуу ж.б.

«Бул теманы көтөрүү азыр абдан маанилүү. Өлкөдө сабатсыз адамдардын биринчи мууну өсүп чыкты. Эгер ыкчам чара көрбөсөк, Кыргызстан дагы бир муунду чоңойтот. Бул социалдык жарылуу коркунучу», – деди Гүлжамал Султаналиева.

«Бири-бирибизге багытталган айыптоо жана зекилөөдөн биз жөндүү кызматташтыкка өтүп жаткандыгыбыз кубантат. Бүгүнкү күндө билим берүү тутумундагы кабыл алынган өзгөрүүлөр тез арада натыйжа берип койбойт. Андыктан биз бул тармактын өнүгүшүнө чогуу-чаран шарт түзүп беришибиз зарыл», – деди Тегерек столдун учурунда КР Билим берүү жана илим министри Абдылда Мусаев.

«Бул тегерек столдун шары менен балдардын билим алуу мүмкүнчүлүгүнө шарт түзгөн мыйзам актылары жана өкмөттүн чечимдери чыгып, билим берүү тармагынын өрчүшүн камсыздаган жагдай пайда болот деп ишенем», – деди IWPRдин Кыргызстандагы өкүлчүлүгүнүн директору Эрлан Абдылдаев. Бул темада Борбор Азия аймагында Тегерек стол өткөрүү сунушталды.

# Тажикстан журналисттеринин укугун коргоо» темасында Тегерек стол

Душанбе ш., Тажикстан

**5 февралда** Душанбеде Тажикстан журналисттер Союзунун конференц-залында «Тажикстан журналисттеринин укугун коргоо» темасында Тегерек стол өттү.

Ошондой эле Тегерек стол Ходжент шаарында уюштурулду. Иш-чарага ММКлардын, эл аралык жана коомдук укук коргоо уюмдарынын өкүлдөрүнөн, элчиликтен 50 адам катышты.

Уюштуруучулары Тажикстандагы IWPRдин өкүлчүлүгү көз карандысыз Улуттук ММК ассоциациясы (НАНСМИТ).менен биргеликте болду.

Катышуучулар мамлекеттик органдар тарабынан сотко кайрылуулар күчөгөндөн улам жана республиканын парламентине шайлоонун алдында, журналисттерди укуктук коргоонун багыттарын талкууга алышты.

НАНСМИТтин төрагасы Нуриддин Каршибаевдин пикиринде, ММКларга каршы арыздардын көбөйүшү ММКлардын өздүк цензурасынын өсүшүнө мүмкүндүк берип, Тажикстандын сөз эркиндигинин деңгээлине залалын тийгизди.

Акыркы 5 жылдын ичинде Тажикстанда ММКнын журналисттерине каршы бир да сот иши актоо чечими менен аяктаган эместиги белгиленди.

Бул прецедент боюнча ОБСЕ, ТР АКШ элчилигинин, Еврокеңештин өкүлдөрү өз пикирлерин айтып өтүштү.

Тажикстандагы АКШ элчилигинин саясий маселелер боюнча офицери Чарлз Мартин өз кайрылуусунда, тажик прессасына юридикалык басым көрсөтүлөөрүнө тынчсызданганын билдирди.

«Биз өз тынчсызданууубузду Тажикстандын өкмөтүнө жеткирүүгө аракет кылабыз, анткени ММКтары демократиянын өнүгүшүндө маанилүү роль ойнойт», – деди Мартин.



Еврокеңештин өкүлү Махбуба Абдуллаева, талкууланып жаткан теманын маанилүүлүгүнө басым коюп, бул маселе Душанбеде өтө турган Еврокеңеш уюмунун өкүлдөрүнүн Тажикстандагы жолугушуусунда талкуланарын эскертти.

Адам укугу жана мыйзамдуулукту сактоо Бюросу да түзүлгөн кырдаал менен нааразы экендигин билдирди. Бюронун директору Наргис Зокирова, “бюро бул жараянды тескеп көрүп, адистик пикирин даярдайт”, – деп билдирди.

Ошол эле учурда Тегерекстолдун кээ бир катышуучуларын пикиринде, буга байланыштуу негизги маселе: журналисттердин юридикалык сабатсыздыгы, Тажикстан медиа-коомчулугунун жигерсиздигин атап өтүштү.

«Азия-Плюс» гезитинин редактору Марат Мамадшоевдин пикиринде, бул маселе мындай өлчөмгө жете электе жогорку денгээлде эчак талкууга алуу керек эле. «ММКларга эбегейсиз суммадагы доо коюуга кантип чыдайсың? Биринчи айгайдан кийин эле бул маселени талкууга алуу керек болчу! (Октябрь айында «Пайкон» гезитине 300 миң сомони же 69 миң $ тегерегиндеги жазапул-доо коюлган). Эми биз ыкчам чараларды көрүшүбүз зарыл», – деди ал.

«Мындай кырдаал түзүлгөнүндө биздин да күнөө бар, биздин журналисттер өз укугун жакшы билбейт», – деди журналисттердин укугун коргоо жана эскерүү фондунун директору Мухтор Бокизода.

Юристтерден, ММКнын кызматчыларынан, эл аралык укук коргоочу уюмдардын өкүлдөрүнөн жумушчу тобу тузүлүп кырдаалды изилдеп, журналисттерге юридикалык жардам көрсөтүү сунушу айтылды.

«Тажикстанда ММКны жана журналисттерди коргоонун бирдиктүү стратегиясы жок, андыктан жумушчу топ аны иштеп чыгышы керек», – деди «Открытое общество» ММК Институтунун программалык координатору Рухшона Олимова.

Тегерек столдун ишинин натыйжасында: өкмөткө, ММК, эл аралык жана укук коргоочу уюмдарга даректелген кепилдеме топтому түзүлдү.

Анда ММК тармагындагы чыр-чатакты жөнгө салуу максатында мыйзам механизмин мыктылоо, моралдык зыян келтирүү үчүн жазапулду максималдуу чектөөнү карап чыгуу жана башка маселелер жазылган.

Тегерек столдун катышуучулары IWPRге талкууланып жаткан теманын орчундуулугун баса белгилеп, ушул темада дагы бир иш-чара өткөрүүнү суранып кайрылышты.

## «Тажикстан журналисттерин укуктук жактан колдоо»
## Тегерек столунун катышуучуларынын кепилдемеси.

*Тажикстандагы Европалык кеңештин колдоосунда IWPR өкүлчүлүгүнүн «Борбор Азиядагы ММКлар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоору жана НАНСМИТ уюштурган «Тажикстан журналисттерин укуктук жактан колдоо» Тегерек столунун катышуучуларынын кепилдемеси.*

*«Тажикстан журналисттерин укуктук жактан колдоо» Тегерек столунун катышуучулары: ММК эл аралык жана коомдук уюмдар, чет өлкөлүк элчиликтер – баары 40 өкүлдөн ашуун адам Тажикстан республикасындагы сөз эркиндиги жана журналисттердин укугун коргоо боюнча кырдаалды талкуулап, ошондой эле массалык маалымат каражаттарына каршы сот жараяндарынын көбөйгөндүгү менен тынчсызданып, төмөндөгүдөй кепилдемелерди иштеп чыгышты:*

**Тажикстан Республикасынын өкмөтү жана Парламентине:**

- ММК тармагындагы чыр-чатактарды жөнгө салуу боюнча мыйзам механизмдерин мыктылоо;
- ММКларга каршы сот дооматтарынын ченеминин эбегейсиз көбөйүшү менен тынчсызданып башка өлкөлөрдүн тажрыйбасында моралдык зыянчылыкты кайтарып берүү жазапулун максималдуу чегин билдирген мыйзамдык ченемин мыктылоо;
- Маалымат жана сөз эркиндиги боюнча улуттук мыйзам жана эл аралык укуктагы бийликтин мыйзам чыгаруучу, аткаруучу жана сот тармактарынын нормаларынын талаптарын сактоодо ачык-айкындуулукту камсыздоо;

**ММК жана журналисттерге:**

- Журналисттик ишкерликтин укуктук жана этикалык ченемдерин катуу сактоо;
- Тажикстандагы улуттук мыйзам, эл аралык укук жана журналисттик ишкерликтин этикалык ченеминин негизинде журналисттердин укугу жана кызыкчылыгынын бирдиктүү түпкү максатын иштеп чыгуу;

**Медиялык жана укук коргоо уюмдарына:**

- ММК адам укугун чагылдыруу боюнча аракеттерди бириктирип, өз ара аракеттешүүнү күчөтүү;
- ММК ишкерлигиндеги мыйзам нормаларынын аткарылышы боюнча мониторинг жүргүзүү, мыйзам чыгаруучу жана анын бөлүмдөрүндөгү карама-каршылыкты табуу жана четтетүү;
- журналисттердин ишкерлигинде ММК укуктук колдоо көрсөтүү жолдорун жана ыкмаларын мыктылоо;

**Эл аралык жана донордук уюмдарга, чет өлкөлүк элчиликтерге:**

- Жергиликтүү уюмдарга жана ММК укугу жана кызыкчылыгы боюнча түпкү максатты иштеп чыгууда колдоо көрсөтүү;
- ММК эркиндиги тууралуу кырдаалды көзөмөлдөө, Тажикстандагы сөз эркиндигин сактоо боюнча так кадамдар аткарылышын камсыздоо максатында жергиликтүү жана эл аралык уюмдарды маалыматтоо.

Тегерек столдун катышуучулары демократиялык коомдо укуктуулук принцибин урматтоо менен бирге, коомдук бардык катмарында маалымат жана сөз эркиндигине укуктуулук боюнча туура түшүнүүнү камсыздоо максатында, мамлекеттик бийликтин бардык органдары, өкмөттүк эмес укук коргоочу уюмдар жана журналисттик коомчулук менен кызматташтыкка даяр экенин билдирди.

# «Балдар эмгеги – эмгек миграциясынын натыйжасы» аттуу Тегерек стол

Душанбе ш.

**18-февралда** Душанбеде өткөн «Балдар эмгеги – эмгек миграциясынын натыйжасы» аттуу Тегерек столдун катышуучулары белгилеп өткөндөй, эмгек миграциясы өлкөнүн экономикасына мигранттардын акча которуусунан болгон оң таасиринен тышкары, иштеген балдардын санынын жогорулашына алып келди. Ата-эненин камкордугусуз балдар билим алууга мүмкүнчүлүгү жок эрте чоңоюшат.

Тажикстандагы Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун (IWPR) жана Эл аралык эмгек уюмунун (МОТ) «Балдар эмгегин жоюу долбоорунун» биргелешкен иш-чарасында мамлекеттик түзүмдүн, эл аралык жана коомдук уюмдардын, ММКнын 25ке жакын өкүлү катышты.



Иш-чара Согуш жана тынчтыкты чагылдыруу институтунун (IWPR) Европалык кеңеш каржылаган «Борбор Азиядагы ММКлар аркылуу адам укугун коргоо жана укук коргоо боюнча агартуу» долбоорунун алкагында өттү. Тегерек столдун ишинде эмгек мигранттарынын көп убакыт бою кароосуз калган балдарынын укугун коргоонун түрдүү багыттары каралды.

«Албетте, өкмөт жана парламент мамлекеттин атынан балдар эмгегине байланыштуу көйгөйдү чечиши керек. Бирок, балдар мамлекеттин гана камында эмес, бул баарыбыздын жана ар бирибиздин ишибиз», – деди Тегерек столдун ишин ачып жатып Тажикстандагы IWPR өкүлчүлүгүнүн директору Дилафруз Назарова.

Миграция боюнча эл аралык уюмдун (МОМ) долбоорунун координатору Гулчехра Ибрагимова, эмгек миграциясынын балдардын тарбиясына тийгизген таасирин изилдөө боюнча долбоорлор туралуу айтып берди. Оң натыйжа: эмгектин ички базарында демографиялык милдеттин азайышынан тышкары терс натыйжалар да белгиленди.

«Балдар эмгегинин деңгээлинин өсүшү – дагы бир фактору», – деди ал.

Анын сөзүндө, Тажикстанда балдар эмгеги негизинен айыл чарбада жана экономиканын таризсиз секторунда – базар жана бекеттерде колдонулууда.

«Кээ бир абийирсиз ишкерлер балдар эмгеги пайдалуу нерсе экенин илгери эле билген. Жаш жумушчуларга, алардын укугуна кам санабай аз өлчөмдө акча берсе болот, анткени балдар укугу кагаз бетинде гана жазылган, ал эми чыныгы турмушта алардын укугу абдан сейрек корголот, балдар өздөрү бул багытта эч нерсе билбейт», – деди ал.

Тажикстандын өкмөтүнүн алдындагы Балдар укугун коргоо комиссиясынын төрагасынын орун басары Дилором Мирсаидованын пикиринде, балдар эмгеги маселеси бир нече баскычтан турат.

«Бүгүн Тажикстандын аймактарынын өзгөчөлүктөрүн, маселе менен камтылган балдардын категориясын эске алып, ал маселени топтомдуу чечүүгө аракет кылуу керек», – деди ал. Анын оюу боюнча, “балдар эмгегин жоюуда ММК мамлекеттик түзүмдөрдүн жана жарандык коомдун ишкерлигин чагылдырып көмөк көрсөтүүсү зарыл”.

Уюшулган балдар эс алуусунун жоктугу балдар эмгегинин деңгээлинин өсүшүнүн дагы бир себеби болууда. “Бизде балдар аянтчалары жок. Турак-жайлардын алдындагы бардык аянтчалар автобазага айланган, ал эми биздин балдар жапайыдай болуп чоңоюуда”, – деди BBCнин журналисти Зарина Хушвахтова.

«Наджоти Кудакон» ӨЭУнун (Хатлон) жетекчиси Курбонгуль Касымованын пикиринде, балдар эмгегинин тегерегинлеги кырдаал ыкчам чечим кылууну (чыгарууну) талап кылат. «Балдар тез чоңоюуда, алар менен кошо балдардын көйгөйү да чоңоюуда», – деди ал.

Тегерек стол кесиптик министрликтерге, мекемелерге жана донордук коомдук уюмдарга кийинки иши үчүн багытталган бир нече кепилдеме даярдоо менен аяктады. Тагыраак айтканда, Тегерек столдун катышуучулары “Балдар эмгеги” деген түшүнүктү өлкөнүн мыйзамына киргизүүнү сунушташты, Андан башка, мигранттардын балдарын социалдык жактан оргоо саясатын иштеп чыгып, үй-бүлө алдында жоопкерчилигин жогорулатуу максатында экономикалык жактан өбөлгөлөп мигранттарды социалдык камсыздандырууну кепилдешти.

# ТЕГЕРЕК СТОЛДУН КАТЫШУУЧУЛАРЫНЫН КЕПИЛДЕМЕЛЕРИ

Акыркы жылдардын изилдөөлөрү көрсөткөндөй, эмгек миграциясы балдардын абалына, алардын билим алуу деңгээлине, жана балдардын күчүн колдонуунун жайылып кетишине олуттуу таасирин тийгизет. 90-жылдардын ортосунда тургундар чет мамлекеттерге кете баштап, өлкөдө эмгек миграциясы кулачын жайган кезде, балдар эмгегин колдонуунун масштабдары кескин өсүп, болгондо да өтө жапайы түрлөрү келип чыккан. Нан табуу максатын көздөп, башка элге кеткен аталары жана агаларынын ордуна, эмгек рыногуна балдар жана аялдар чыга баштаган.

Тегерек столдун катышуучулары, миграция процессинин жана башка факторлордун натыйжасында келип чыккан балдардын эмгегин колдонуу тажрыйбасын жок кылууну эң негизги маселе деп табышып, өздөрүнүн сунуштарын беришүүдө:

**Тажикстан Республикасынын мамлекеттик структураларына:**

- «Балдар эмгеги" деген түшүнүктү өл-көнүн мыйзамына киргизүү;
- Мигранттардын балдарын коргой турган саясатты иштеп чыгуу, жана мигранттардын өз үйбүлөсүнө, жана балдарына болгон жоопкерчилигин бекемдөө үчүн социалдык камсыздандыруу документтерин алууга үндөө;
- Балдар эмгегин колдонууга тыйуу салуу боюнча өткөрүлүп жаткан чараларды улантып, жакырчылык менен күрөшүп, балдар күчүн пайдалануунун жапайы формаларын жок кылуу. Билим берүү системасын бекемдеп (анын ичине өзгөчө өнүктүрүү программаларын киргизүү), балдардын бош убактысын тейлөө, ошондой эле үйбүлөлүк мыйзамды бузуп, жашы жете элек балдардын күчүн пайдалангандыгы үчүн жоопкерчиликти күчөтүү;
- Балдарды зордоп иштетүүдөн коргоп калуу чараларын жакшыртуу үчүн, ведомстволор аралык кызматташууну жолго коюш керек, буга кошуп, Тадикстанды өнүктүрүү Стратегиясы менен Жакырчылыкты жоюу Стратегиясын ишке ашырууга жарандык коомду кийлигиштирүү зарыл;
- Балдар эмгеги боюнча жалпы улуттук изилдөөлөрдү өткөрүп, миграциянын балдардын күчүн колдонууга болгон таасирин талдап, ошондой эле мигрант ата-энелери менен чет өлкөгө чыгып кеткен балдарга, тышкы миграциянын болгон касиетин жана натыйжасын байкоо;

**Бейөкмөт уюмдар менен ММКга:**

- Мамлекеттик органдардын, миграция процессинин балдарга тийгизген терс жактары жөнүндө берген маалыматын калкка, өзгөчө мигранттарга жеткирүүгө көмөктөшүү. Ошондой эле балдарды жаштайынан оор жумуштарга кийлигиштирүү өсүп келе жаткан организмдин ден соолугуна жана психикасына кооптуу экенин белгилөө;
- Балдардын эмгегин оор жумушка колдонуудан арылуу үчүн, балдар укуктарын коргоого багытталган эл аралык документтер менен Тажикстан Республикасынын мыйзам беренелерин элге түшүнүктүү формада пропаганда кылуу;
- Балдардын укуктарын сактоо кандай жүрүп жаткандыгын эркин текшерип туруу жана катталган укук бузуу фактыларына, мамлекеттик органдар менен коомчулуктун көңүлүн буруу. Балдар эмгеги жөнүндөгү ар түрдүү социалдык рекламсаларды колдонуу.
- Балдардын укугун коргоодо жарандык коомдун алкагында алар менен биргелешип иштешүү, жана чогулуп иш чараларды өткөрүп, маалымат алмашуу процессин бир нукка коюу зарыл.

**Эл аралык уюмдарга жана донорлорго:**

- Мамлекеттик органдар менен бейөкмөт уюмдардын жакырчылык менен болгон күрөшүүсүнө жардам көрсөтүү. Балдар эмгегин жок кылуу боюнча эларалык программаларга тартуу. Кеңеш берүү жана техникалык камсыздоо жолу менен Тажикстандагы балдар укуктарын жана балдар эмгегинин айланасындагы абалды өзгөртүүгө көмөктөшүү.
- Мамлекеттик структуралардын мүмкүнчүлүктөрүн жогорулатып, аялдар менен балдарды колдоого жана коргоого багытталган долбоорлор менен программаларды (кризистик борборлор, жардам кызматтары ж.б.) ошол ведомстволордун кол алдына өткөрүп берүү үчүн даярдык иштерин көрүү.
- Мамлекеттик структураларга дем берип, Жакырчылыкты жоюу Стратегиясынын жана Тажикстанды Өнүктүрүү Улуттук Стратегиясынын ишке ашышын көзөмөлдөп туруу үчүн жарандык коомду тартуу.

  Мигранттардын, аялдардын жана балдардын абалын жакшыртууга багытталган программа жана долбоорлорго донорлор тарабынан бөлүнгөн каражаттын сарпталышын текшерүүнү күчөтүү.

# ВЯЧЕСЛАВ АБРАМОВ: КАЗАКСТАН РЕФОРМАЛАНГАНЫН КӨРСӨТҮҮ ҮЧҮН АРАКЕТ КЫЛГАН ЖОК

***MediaNet Эл аралык журналистика борборунун директору Вячеслав Абрамов Казакстандын ОБСЕдеги төрагалыгынын алкагындагы өлкөдөгү адам укугун коргоо боюнча түзүлгөн кырдаал жөнүндө маек курду.***



2010-жылы Казакстан ОБСЕнин төрагалыгына аттанат. 2007-жылы Мадридде Тышкы иштер министри Марат Тажин өлкөнүн атынан демократиялык багыттагы кемчиликтерди жоюу жана кайра куруу боюнча Казакстандын милдеттемелерин угузду. Казакстан мамлекети өз милдеттерин аткардыбы, ОБСЕге төрагалык кылган өлкөдө канчалык деңгээлде адам укугу корголууда, кандай жаңылануулар жүрүп жаткандыгы тууралуу MediaNet Эл аралык борбордун директору, «Голос Свободы Центральной Азии» укук коргоочу порталдын башкы редактору Вячеслав Абрамов кеп кылды.

**IWPR:** Сиздер адам укугун бузуу фактыларын үзгүлтүксүз чагылдырып турасыздарбы? Алардын кайсылары Казакстанда эң көп кездешет?

**Абрамов:** Эң көп кездешүүчү укук бузуулар саясий укук жана жарандык эркиндикти сактоо тармагында. Маданий жана экономикалык маселелерге байланыштуу көп кемчиликтер бар. Эгер тамырлуу көйгөйлөрдү атап өтсөм, бул - сөз эркиндиги, тынч чогулуу-уюшуу эркиндиги, кыйноого дуушар болбоо укугу.

Менин көз карашымда, өлкөдөгү толук кандуу демократия жөнүндө, пикирлердин айкындыгы, жарандардын (эмне гана болбосун) эркин тандоосу жөнүндө сөз кылуу али эрте. Бул кандайдыр бир деңгээлде алардын саясий укугуна залалын тийгизет.

Казакстан «демократия» жана «адам укугу» деген түшүнүктөр кагаз бетинде эле сакталган классикалык авторитардуу мамлекеттердин катарына кошулууда. Анткени ал түшүнүктөр жакшы көшөгө болуп кызмат кылат. Андыктан өлкөдө эркин ой жүгүртүп, чогулуп пикир бөлүшүү мүмкүнчүлүгү чектелип, көзөмөлдөнөт деп айтсак болот.

**IWPR:** Негизги маселелердин катарына кыйноодон эркин болуу укугун киргиздиңиз. Мындай укук бузуулар биздин өлкөдө көп катталдыбы? Кандай мисал келтире аласыздар?

**Абрамов:** Казакстан дүйнө өлкөлөрүнөн өзгөчөлөнүп кеткен жок. Чындыгында, бир да өлкөдө кыйноолор түп-тамыры менен алынды деп айта албайм. Казакстанда укук коргоочулар тарабынан көп кыйноо фактылары катталган. Бирок, көп учурларды каттоого мүмкүн эместигин да эскерте кетсем.

Бир топ кыйноо фактылары полиция тарабынан баштапкы тергөө маалында, шектүү деп табылган адамдын күнөөсүн күч менен мойнуна алдыруу максатында болот.

Изилдөөлөрдүн негизинде ачык-айкын жыйынтыктуу далилдер болгон. Казакстандын ИИМнин академиясынын биринчи курсунун студенттеринин басымдуу бөлүгү «кыйноо – бул кылмыш, адамга каршы күч колдонуу болбойт» деген ойдо. Ал эми ошол эле академиянын ошол эле студенттери төртүнчү курска жеткенде “күч колдонууга болот” деп калышат. Анткени алар полиция кызматына тажрыйба алганы барып, алардын ишине күбө болот. Кылмыш кодекси жазылган топтом менен же 800 грамм салмактагы китеп менен адамды уруп калган кызматкерди көрүп, ал кыйноого жатпайт экен деген ойдо калышат. Тилекке каршы, аларга эч ким бул да зордук-зомбулуктун бир түрү экенин айтпайт. Адамдын ден-соолугуна жеңил эле зыян келтирүүнү зордук-зомбулук катары бааласа болот.

**IWPR:** Бул түзүлгөн кырдаалдан чыгуунун кандай жолдору бар? Эмне себептен мындай нерселер болот?

**Абрамов:** Башкы себеби – бул жазаланбагандык. Кыйноо беренеси боюнча укук коргоо органдарынын кызматчылары абдан сейрек жазаланат. Аз эмес, бирин-экин эле десем болот. Кыйноолордун болушу тана албай тур-

ган факт. Кээ бир мекемелерде кыйноолор гүлдөп өнүгүп-өрчүп жатат.

Кыйноолорго каршы БУУнун комитети өз кепилдемелерин берди, алардын арасында "кыйноолорго жол бербөөчүлүк" үчүн – жогорку деңгээлдеги кыйноолорду айыптоо" болду. Мисалы, өлкөнүн президенти кыйноолор жоюлду деп билдирет. Бул саясий билдирүү болгондуктан, укук коргоочу органдын кыйноого тиешеси бар ар бир кызматкери, ар бир жаран тарабынан буйрук катары кабыл алынышы керек. Демек, Казакстан бул "жол бербөөчүлүктү" аткара албайт. Мындай билдирме жасаган эң жогорку кызаткер – Жогорку соттун төрагасы болгон.

Казакстандын соттору кыйноолор жөнүндө арыздарды тоготпойт. Башкача айтканда, тергөөгө жол бербейт. Соттор бардык эле учурда жазалануучунун кыйноо жөнүндө арызын четке кагат, же көңүл кош мамиле жасайт. "Корпоративдүү тилектештик" принциби, же "өз өздү сатпайт" деген пикирде болушат. Казакстанда дал ушундай кырдаал сакталат.

Бүгүн балдар үйүнөн, карылар үйүнөн билдирүүлөр катталууда. 2007, 2008-жылдары Media Net, Адам укугу боюнча Казакстан бюросу, Freedom House жана башка Борбор Азиялык бир нече уюм "Борбор Азиядагы кыйноолорду жоюу боюнча" долбоорду ишке ашырышууда. Бул долбоордун алкагында Казакстанда 600 чамалуу арыз каттоого алынды. Бул укук коргоочуларга жеткен муздун чокусу гана, ал эми ичинде эмне болуп жатат – эч кимге белгисиз.

Адам укугу боюнча европалык сот ноябрь айында Казакстанды кыйноолор тутумдуу жүрүп турган өлкө катары мүнөздөдү. Ал Украинага Киевде алты жылдан бери абакта отурган Казакстандын жаранын өткөрүп берүүгө тыюу салды. Тыюу салуунун себеби, өз өлкөсүндө абакта отурса ал адам уруп-сабоого дуушар болмок. Карап көрсөк, жаранды өз өлкөсүнөн коргоп жатат. Бул жагдайда менимче, туура чечим кабыл алынган. Европа сотуна рахмат эле айтуу керек, өлкө кыйноону жою боюнча иш-чараларды аз жүргүзгөнүн далилдеп койду.

**IWPR:** Жовтистин иши, Мухтара Джакишевдин иши. Мындай нерселер өлкөнүн беделине таасирин тийгизеби?

**Абрамов:** Мындай иштер чоң залалын тийгизет. Бул эки белгилүү иш адамдарды абакка отургузууну каалаган мамлекетти ачык чагылдырып койду. Ал эми Джакишев менен болгон окуяда адамды жок кылуу максаты билинди. Бул иштин мисалында мамлекеттин ырайымсыздыгына таң каласың. Жовтистин ишинде, ал күнөөлүүбү-жокпу сөз болгон эмес. Соттун адилетсиздиги, бардык мыйзам ченемдердин бузулушу, окулуп бүткөн өкүмгө кийин дагы 659 сөздүн жазылышы казак болгон адамдын туугандары Евгений Жовтисти кечиргендиги назарга алынбагандыгы чоң нааразылыкты туудурду.

Мунун баарын өлкө ичинде, анын чет жакасында байкап турган акылы бар адамдар үчүн өлкө жөнүндө жаман ойлорду туудурат. Эгер мамлекет мындай санда укук бузууларга жол берсе, чындыкка жетүү аркеттери жөнүндө кыялданбай эле коюу керектигине көзү жетет. Мында жазалоого гана жол бар экенин түшүнүшөт.

**IWPR:** Казакстан канчалык деңгээлде ОБСЕге төрагалык кылууга татыктуу?

**Абрамов:** Казакстан татыктуубу-жокпу, бул суроого жооп бере албайм. Анткени ОБСЕге төрагалык кылуу мүмкүнчүлүгү Батыш менен Чыгыштын эбегейсиз соодалашуусун жараткан. Казакастан жөн гана керектүү учурда, керектүү жерде болуп калган.

Казакстан Борбор Азияда алдыңкы өлкө болуу үчүн көп аракеттенди, биз экономикада чоң ийгиликтерге жеттик. Бирок адам укугу, демократия тармактарында менин көз карашымда мактанаарлык натыйжалар болгон жок. Абдан көп укук бузуулар болгон өлкөнү мыкты үлгү катары койсо болбойт.

**IWPR:** 2007-жылы Казакстандын андагы Тышкы иштер министри Марат Тажин Мадриддеги министрлик жолугушууда мамлекеттик укук коргоо тутумунун өзгөртүү планы кайра куруу милдеттемелери тууралуу айтып өткөн. Ал убадалар канчалык деңгээлде аткарылды?

**Абрамов:** Бул жылы сенаттын спикери Касымжомарт Токаев Казакстан эч кандай милдеттемени мойнуна алган эмес деп жарыялады, ал жөн гана министрдин сөзүндө мамлекеттеги коомду демократиялаштыруусуна кам көрүүгө умтулуусу белгиленгенин айтты. Демек, "Казакстан жоопкеркчиликке тартылбайт", – деди спикер.

Менимче, милдеттемелер тырмактай да аткарылган жок. Ал милдеттемелерде жазылган шайлоо жөнүндө, партия, ММК, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу мыйзамдарына билинээр-билинбес маанисиз өзгөрүүлөр киргизилди. Алар түзүлгөн кырдаалды оңдоого алы жетпейт.

Мисалы, эгер саясий партияны каттоо үчүн 50 000 кол чогултуу керек болсо, азыр 40 000. 16 млн калкы бар өлкө үчүн бул чоң көрсөткүч. Бирок партияны түзүү жол-жобосу татаалдаштырылды. Ошондой эле кырдаал ММКларда түзүлдү. Жеке турмушка кийлигишүү үчүн беш жылдык жоопко тартылуу мыйзамы киргизилди. Же интернетке байланыштуу "ажыдаардык мыйзам" киргизилди, аны менен бизге цензуралык чектөө кирет.

Казакстан өзгөрүүгө эч кандай аракет кылган жок. Анын баары өлкө милдеттемелерди аткарбаса ОБСЕ кандай жазалоо күтөөрүн так билдирбегенине байланыштуу болсо керек. Бир партиялуу парламенти бар мамлекетке ОБСЕге төрагалык кылуу уруксаты болгону корутунду чыгарууга түрткү болуп, Казакстан көп каталары кечирилээрин түшүндү да, эч нерсени өзгөртүүгө аракет кылган жок.

Менимче, Казакстан реформа өткөрбөйт. Ал эми ОБСЕ биздин өлкөнүн төрагалыгынан эч нерсе албайт, бирок ошол эле мезгилде эч нерсе жоготпойт.

***Наталья Напольская, IWPRдин машыгууларын өткөн казакстандык контрибьютор.***

**Сардар Багишбеков:**

# КЫЙНООЛОР КӨБӨЙҮП КЕТКЕН ЖОК, ЖӨН ЭЛЕ АДАМДАР АЛ ТУУРАЛУУ АЙТУУДАН КООПТОНБОЙ КАЛДЫ.

*Кыйноолорго каршы күрөш Кыргызстанда актуалдуу маселелердин бирине айланды. Бирок жарандык чыгаандардын демилгелери мамлекет тарабынан колдоого алынбай жатат. Кыйноолорду колдонуудагы кырдаал, бул кыянаттык менен болгон күрөштүн натыйжалары жөнүндө көп жылдан бери зордук-зомбулуктун курмандыктарын коргоо менен алектенген «Голос свободы» коомдук фондунун жетекчиси Сардар Багишбеков ой бөлүштү.*



**IWPR:** Кыргызстанда кыйноолорду колдонуу кырдаалы тууралуу эмне айта аласыз?

**Сардар Багишбеков:** Кыйноолорду колдонуу өнөкөттүү мүнөзгө ээ. Бул көйгөй жылдан жылга чечилбей келет. Аларды алдын алуу иштери жарыбаган натыйжаларды берди.

Кыйноо фактылары көп катталып жатат, бирок ал жагдай кыйноолор көбөйдү дегенди билдирбейт. Кыйноолор такай эле колдонулган. Кадыресе, бүгүнкү күндө, коомдо мындай фактылар боюнча арыз жазуу маданияты өөрчүдү.

**IWPR:** Кайсы мекемелерде бул көрүнүш көбүрөөк жана эмне себептен тараган?

**Багишбеков:** Акыркы маалыматтарга таянсак, катталган кыйноо фактыларын 90 пайызы кармалган адамга каршы биринчи 48 саатта жана шектүү деп табылган адамга соттун чечими чыккыча, андан соң тергөө иштери аяктагыча күнөөлүү деп табылган адамга ички иштер кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.

Кыйноолордун негизги максаты – кармалган адамдын күнөөсүн мойнуна алдыруу же үчүнчү тараптын күнөөсүн далилдөө. Кыйноолордун эң белгилүү фактылары бул уруп-сабоо болуп саналат. Адамдарды уруп-сабоодон алар каза табышкан учурлар болгон. Кыйноонун татаал түрлөрү да бар. Булар желим баштыкты башка кийгизүү, электрошок колдонуу, психологиялык басым. Алар денеге так калтырбайт, бирок бул кыйноолор аркылуу кызматкерлер кармалган адамдын күнөөсүн мойнуна тагат. Мындай кыйноолор күчөп кетти.

**IWPR:** 2003-жылы Кыргызстандын Кылмыш кодексине “Кыйноо” деген берене киргизилген. Ал кырдаалды оңдодубу?

**Багишбеков:** Ал беренени Кылмыш кодексине киргизгени бир да соттун өкүмү чыга элек. Бул факт. Сокулук районунда, Жалал-Абад жана Нарын областында үч кылмыш иши козголгон. Бирок биринин да чечими чыга элек.

**IWPR:** Эмне үчүн ал берене иштебей жатат?

**Багишбеков:** Ага укуктук жана саясий себептер бар. Мамлекет өз аброюн жоготуп, кыйноолорду саресептөөдөн баш тартып жатат. Саресепке таянып, бизде кыйноо фактылары жок деп коюш оңой. “Кыйноолор” аттуу беренеде кыйноонун так аныктамасы жок. Андыктан адистер кылмыш курамын аныктап, ал беренеге такоо кыйын болуп жатат. Сөзгө аралжы, ал беренени колдонуу тажрыйбасы да катталган эмес. Прокуратура бул беренени кызмат ыйгарым укугунун аша чапкандыкка колдонот. Бул катаалыраак берене, ал эми “Кыйноо” жеңил кылмышка кирип, ага мунапыс актысы таркайт.

**IWPR:** Балким, анда кызмат ыйгарым укугун аша чапкандыгы үчүн отургузуу эп болоор?

**Багишбеков:** Биз да ал беренени колдонобуз. Жалгыз эле “Кыйноо” беренеси иштебейт деп айта албайм. Кылмыш кодексинин ага тектеш беренелери да колдонулбай жатат. Негизинен эле кыйноолорду колдонууга жана ырайымсыз зордук-зомбулук ыкмаларга каршы жазалоо тутуму такыр иштебей жатат.

**IWPR:** Ал тутум иштеши үчүн кандай аракет кылуу керек?

**Багишбеков:** Биз Кылмыш кодексине жана Кылмыш-жараяндын кодексине кырдаалды мыктоо максатында бир нече өзгөртүүлөрдү киргизүүнү ниеттенип жатабыз. Айта кетсем, кыйноо үчүн жазалоону катаалдантып, аны оор кылмыш даражасы катары кабыл алып, мунапыс акты колдонулбасын деген талап коюуну максаттадык.

**IWPR:** Баарынан көп ким кыйноого кабылат жана аларга кандай жардам көрсөтсө болот?

**Багишбеков:** Көбүнесе кыйноого жогору жакта колдоочусу жок, калктын алсыз катмары кабылат. Чоңдор, балдар, эркек, аял, мыйзамды бузбаган жаран, же тескерисинче, чоң тизмедеги күнөөлөрү бар адам – бул жерде бөтөнчөлүк болбойт. Баары тергөөчүнүн жана ички иштер кызматкеринин гумандуулугуна байланыштуу. Аялдарга каршы көп учурларда алардын аялдык абийирин кодулоого басым жасалган, сексуалдык зордуктоо менен коркутуу кыйноолору колдонулат. Тажрыйба көрсөткөндөй, кош бойлуулук да буга иммунитет боло албайт.

Кыйноо курмандыктарын актоо абдан оор жараян. Адамдарда психологиялык, менталдуу көз караштар пайда болот. Биздин уюмдун чегинде кыйноолордун курмандыгын актоо программасы иштейт. Анда психологдор, психотерапевттер, социалдык кызматкерлер кыйноодон жабыркаган адамга жардам көрсөтөт. Мындай программалар абдан керек, адамга ар тараптан жардам берүү зарыл.

Калыбына келүү жараяны 6 айдан көп убакытка созулат. Кээ бирлери үчүн ал жыл санап созулат. Баары адамга жараша болот. Курмандыкты кордогон, шакабалаган адамды жазалоо ага мыкты дары болуп калмак. Андан башка коомдун колдоосу маанилүү фактор болот. Адамдын бир нече күн Убактылуу камакка алуучу жайда отурушу анын кылмышкер экенин далилдебейт. Жана ага чүлүк тагуу али эрте.

**IWPR:** Кээ бир атка минерлер кыйноонун бар экенин жашырбайт. Мамлекет тарабынан бул маселени чечүүгө кандай аракеттер болуп жатат?

**Багишбеков:** Кыйноолорго каршы күрөштө акыйкатчынын ишин баса белгилеп кетээр элем. Аны менен бирге айрым депутаттар кыйноого каршы чара көрүү демилгесин чыгарып, эркинен ажыратуу жана эркин чектөө жайларында үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүүдө. Мисалы Парламенттин депутаты Алишер Мамасалиев мониторингдин натыйжаларын коомчулукка билдирип турат. Бул фактыга прокуратура кызматкерлеринин таасирдүү жообу болгон жок.

Күч колдонбогон бийлик түзүмдөрүнүн кызматчылары бул көйгөйдү моюнга алышат, бирок ага болгон мамиле ар бириники ар башкача. Кээси татыктуу кылмышкер менен жан кечтилерди кыйнап жатат деген ойдо болсо, калгандары демократиялык укуктук мамлекетте мындай ыкмаларды колдонуу туура эместигин жакшы түшүнүп турат.

**IWPR:** Улуттук превентивдик механизмди кабыл алуудан кийин кырдаал оңолобу, сиздин оюңуз кандай?

**Багишбеков:** УПМ үзүрлүү болот деген үмүттөр бар. Бул жерде өлкөнүн саясий эрки өтө маанилүү. Канча сөз кылып көтөрбөйлү, укук коргоо органдары өйдө жактан чечим келгиче каршылык көрсөтө берээри маалым. Эгер мыкты мыйзам чыгып, бирок саясий эрк болбосо, баары пайдасыз натыйжаларды берет. Мониторинг тобунун адистерин эч ким тоготпойт.

**Билдирме:** Кыйноолорго каршы Улуттук превентивдик механизм камакка алуучу, эркин чектөөчү жайларды жарандык демилгечилер тарабынан эркин каттап, мониторингге алуу максатына мүмкүнчүлүк түзөт. Эл аралык милдеттемеге ылайык Кыргызстан УПМди 2010-жылдын январь айынын аягында ишке киргизүүсү керек.

# СҮРӨТЧҮ УМИДА АХМЕДОВА «ӨЗБЕК ЭЛИНЕ ЖАЛГАН ЖАЛАА ЖАПКАН» ДЕП КҮНӨӨЛӨНҮҮДӨ



2010-жылдын 10-февралында белгилүү сүрөтчү-документалист Умида Ахмедованын иши боюнча сот чечим чыгарды. Ага «өзбек элине жалган жала жапкан жана кемсинткен» деген күнөө коюлуп жаткан. Сот чечимине ылайык сот соттолуучуну Өзбекстандын Кылмыш Кодексинин 139 «Жалган жалаа» жана 140 – «Кемсинтүү» беренелерине ылайык күнөөлүү деп өкүм чыгарды, жана ошону менен катар Өзбек Республикасынын 18-юбилейине байланыштуу Олий Межилис сенатынын чечимине ылайык Ахмедовага карата амнистияны колдонуу чечимин кабыл алды.

Сот иши журналистердин, сырткы саясий ведемостулардын жана укук коргоочулардын катышуусу менен ачык өттү.

Өзбекстандын эркин укук коргоочуларынын демилгечи тобунун төрагасы Суррат Икрамов сот ишине катышып, бул окуя боюнча IWPRдын суроолоруна жооп берди.

## Суррат Икрамов: «АЛАР АНЫ ЖӨН ГАНА АКТАЙ АЛЫШКАН ЖОК, ОШОНДУКТАН АМНИСТИЯНЫ КОЛДОНУШТУ»



**IWPR:** Сот иши кандай өттү?

**Икрамов:** Сот 9-февралда болуп өттү, ал эми кийинки күнү кечке маал сот өз чечимин чыгарды. Сот Умида Ахмедова жана анын адвокатынын өтүнүчтөрүн канааттандырган жок.

Эң күлкү келээрлик нерсе, сотто үч эксперт катышып, алар Умида Ахмедова тарабынан тартылган сүрөттөр жыйнамын камтыган альбом жана фильм боюнча жыйынтыктоочу чечимин айтышты. Таң калыштуусу, бул эксперттер сүрөт жана кино документтери боюнча эч кандай адистиги жоктугу жана бул маселени алар өздөрү да жакшы түшүнө бербестигин тастыкташты.

Бирок бул заказ иш болгондуктан, эксперттер жөн гана заказды аткаруучулар болуп калды. Андан башка сотто эч бир күбө катышкан жок. Сотко андай зарылчылыктын кереги да жоктугу айтпаса да түшүнүктүү.

Менин пикиримде, сот чечиминин шашылыш чыгарылышы айың кеп бүт дүйнөгө көтөрүлүп кеткендиктен, бийликте биртоп тынчсыздануулар болду. Бул соттун өзүнүн мамилесинен да байкалды. Менин байкашымча, ал өзүнө турарга жер таппай жатты.

**IWPR:** Эмне үчүн сот ачык өттү? Соңку жарым жылдан бери көз карандысыз журналисттер жана укук коргоочулар көптөгөн сот иштерине катыша албай келишкен…

**Икрамов:** Кылмыш Кодексинин «Жалган жала жабуу» жана «Басмырлоо» беренелерине ылайык сот процесси ачык өтүшү керек. Сот коюлуп жаткан күнөөгө болбоду дегенде бир негиз табууга үмүттөнүшкөн. Алар антип өздөрү айтпаса да, бул көрүнүп эле турду. Чечим өтө тез убакытта даяр болду.

**IWPR:** Сиздин оюңузча ошол замат Умидага Амнистия берилгендигин эмне менен байланыштырса болот.

**Икрамов:** Амнистия ага коюлган күнөөнү жокко чыгара албайт же актай албайт. Амнистия – бул сот тарабынан соттолуучунун күнөөлүү деп табылышы жана мамлекет тарабынан кечирилиши болуп эсептелет. Ахмедованын жактоочусу эч кандай кылмыш ишинин жоктугунан аны толук актоону өтүндү. Сот өзү да анын күнөөсүн толук далилдей алган жок. Ал тургай сот залында он беш минуталык эки кино тасма көрсөтүлгөндөн кийин сот процессинин катышуучулары «Эң мыкты тасма» деген үндөр менен катуу кол чабышты.

**IWPR:** Эгер сот аны актаган чечим чыгарса эмне болмок деп ойлойсуз?

**Икрамов:** Тергөөчүлөргө жана прокурорлорго карата чекит коюлмак. Алар кылмыш ишин иштеп чыккандыгы үчүн жоопкерчиликке тартылышы керек эле.

Умида абакта кармалбаса дагы, ал тарткан материалдык жана моралдык зыянды төлөө же толуктоо керек. Айта кетчү нерсе, өзбек мыйзамына ылайык амнистия бир жолу гана берилет, кудай анын бетин ары кылсын, эгер бийлик дагы бир жолу ага карата кылмыш ишин ача турган болсо, анда амнистия колдонуу мүнкүнчүлүгү болбойт. Анда кандай болсо дагы абакта кармалат.

**IWPR:** Көптөгөн эксперттер Умиданын үстүнөн болгон сот иши бийликтин эркин ойлонгон инсандарга, журналисттерге карата мындан аркы мамилесин аныктайт деген божомолдорун айтышты. Бул сот башкача ойлонгон адамдарга каршы күрөшүнүн башталыш точкасы болот деген пикирлер айтылууда. Бул абалды сиз кандай мүнөздөйт элеңиз?

**Икрамов:** Башкача ойлонгондорго каршы күрөш Өзбекстанда улантылат. Бийлик искусство жана маданият ишмерлерине 1937-жылдагыдай(сталиндик репрессия), алардын үн катпай коркуп, коомдогу чыныгы окуялар жөнүндө өз алдынча материал даярдоого аракеттенбеши үчүн түр көрсөтүүдө. Өзбекстандагы бийлик режими адамдардын саясат менен байланышы болбосо да алардын өз алдынча жүргүзгөн ишмердүүлүгүн токтотууну каалайт. Ошондон улам Умида Ахмедованын иштеринин со-автору болгон анын жолдошу жана спорт комментатору Хайрулло Хамидова үчүн тынчсызданып жатабыз. Анткени алардын үстүнөн сот иши жакынкы күндөрү башталганы турат.

***Бул башкаларга карата болгон эскертүү. Абайлаңыздар демекчимин.***

# Вячеслав Мамедов: «ТҮРКМӨНСТАНДА ӨЗ АЛДЫНЧА САЯСИЙ ПАРТИЯ ТҮЗҮҮ–САЯСИЙ КЫСЫМГА ДУУШАР КЫЛАТ»



*Түрмөнстандын министрлер кабинетинин үстүбүздөгү жылдын 18-февралында өткөн жыйынында президент Гурбангулу Бердимухамедов коомчулукту оппозициялык маанайдагы саясий партия түзүүгө чакырып, эгерде каалоочулар болсо, мындай партиялар ушул жылы каттоого алынаарын маалымдады.*

Болочок партия өлкөдөгү бардык жогорку даражадагы чиновниктер жана президент өзү мүчө болгон, өкмөтчүл Демократиялык партияга атаандаш партия болушу керек.

Оппозициялык партиялардын баары качкындык макамы менен башка өлкөлөрдө өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишет.

Ушул жана башка масилер, ошондой эле Түркмөнстанда көп партиялуулук системасын түзүү канчалык чындыкка жакын, ал үчүн эмне кылуу керек деген суроолорго учурда качкын болуп жүргөн, Түркмөнстан демократиялык жарандык бирикмесинин башчысы Вячеслав Мамедов NBCAга берген маегинде токтолду.

**NBCA:** Президент иш жүзүндө көп партиялуулукка старт берди, сиздин оюңузча мындай чакырык эмнеге алып келиши мүмкүн?

**Вячеслав Мамедов:** Мындай чакырыктан кийин өлкөдө Орусиядагыдай өкмөтчүл жасалма саясий партиялар түзүлөт. Түркмөнстан соңку жыйырма жылдан бери өлкөдө оппозициялык маанайдагы партиялардын жоктугу менен сынга алынып келет, ошондуктан мындай кадам бийликке дүйнө коомчулугуна өлкөдө көп партиялуулук бар дегендей ойду жаратуу үчүн зарыл. Ошондуктан, кандайдыр бир партиялар түзүлүшү мүмкүн, бирок маңызы баягы эски бойдон эле калат.

**NBCA:** Эмне үчүн мындай катуу сынпикирдесиз?

**Мамедов:** Анткени бүгүнкү күнү Түркмөнстанда эркин партиялардын болушу үчүн эч кандай шарт жок. Биринчиден, укуктук негиз болгон «Саясий партиялар тууралуу» мыйзам жок. Расмий бийлик Конституциянын 30-беренесиндеги жарандар саясий партияларды түзүүгө укуктуу деген берене жетиштүү деген ойдо болушу ыктымал.

**Экинчиден:** учурдагы коомдук-саясий абалда кандайдыр бир саясий партия түзүүгө аракет кылуу дегеле мүмкүн эмес. Саясий партиялардын түзүлүшү үчүн адегенде өлкөдө либерализация жараяны жүрүшү зарыл. Тагыраак айтканда, Түркмөнстандан учурда дүйнө жүзү боюнча чачылып качып жүрүшкөн активдүү жарандарды кайрадан өлкөгө кайтаруу тууралуу сөз болушу зарыл.

Анткени учурда чет өлкөлөрдөн каттоодон өтүшкөн «Ватан» (Отечество, Атамекен), Түркмөнстан Республикалык партиясы сыяктуу оппозициялык маанайдагы партиялар бар. Эч кимге жашыруун эмес, ал партиялар учурда өлкөнүн ичинде өз ишмердүүлүгүн жүргүзүүсү чындыкка жакын эмес.

Өлкөдө саясий партиялардын кадыресе иш жүргүзүшү үчүн адегенде Түркмөнстанда массалык маалымат каражаттарынын эркин иштөөсү, митинг демонстрацияларды эркин өткөрүү, саясий куугунтукка алынгандарды түрмөдөн чыгаруу сыяктуу иш чаралар аткарылышы зарыл.

**NBCA:** Саясий партиялар эркин иш жүргүзүшү үчүн ушундай иш чаралардьı сөзсүз түрдө ишке ашыруу зарыл деп ойлойсузбу? Анткени, мисалы, Өзбекстанда сиз айткан сөз эркиндиги же наразылык иш чараралардьı өткөрүүгө уруксат жок. Ошондой эле ал жерде саясий туткундар да түрмөлөрдө отурушат, бирок жетишээрлик сандагы саясий партиялар өз ишмердүүлүгүн жүргүзүп келишет.

**Мамедов:** Иштин баары ошондо болуп жатпайбы, Өзбекстандагы саясий партиялар өлкөнүн өнүгүшү үчүн эч кандай салым кошкон жери жок. Ошондуктан Түркмөнстанда түзүлгөн партиялар деле жөн гана өкмөттү колдогон бирикмелердин тобу болуп калаары бышык.

**NBCA:** Сиздин оюңузча, канчалык деңгээлде түркмөн коомчулугу көп партиялуулук системасын түзүүгө даяр деп ойлойсуз?

**Мамедов:** Жарандык коом жок өлкөдө көп партиялуулук системасын түзүү дегеле мүмкүн эмес. Көп партиялуулукту түзүү жана өнүктүрүү үчүн тиешелүү деңгээлде укуктук база керек жана ал үчүн жок эле дегенде, беш жыл талап кылынат. Учурда коомчулук ким чыныгы бейөкмөт же коомдук уюм, ким, кандай деген маселерди аныктай албай калышты. Бул турмуш чындыгы десек жаңылбайбыз. Ал эми учурда өлкөдө иш жүргүзүп жатышкан аз сандагы активисттер болсо, каалаган учурда атайын кызмат өкүлдөрүнүн бутасына айланышат. Ошондуктан соңку он беш жыл бою атайылап жүргүзүлгөн репрессиялык план же ар кандай жолдор менен жок кылынган жарандык коом кайрадан калыбына келмей сайын, партиялык түзүлүш деген сөз жөн гана ураан түрүндө кала берээри бышык.

Мындан сырткары көп партиялуулук үчүн коомчулук буга чейин дуушар болгон ар кандай чочулоо: коркуу, куугунтук, репрессия сыяктуу нерселерден арылуулары керек. Тилекке каршы, мунун баарын учурда кездештирүүгө болот.

**NBCA:** Сиз өзүңүз Түркмөнстанда кандайдыр бир саясий партия түзүүгө барат белеңиз?

**Мамедов:** Ал ибетте жок. Мындай шартта мен андай кадамга барбайт элем. Анткени, расмий бийлик учурда өлкөнүн ичинде оппозициялык маанайда саясий ишмердүүлүгүн жүргүзгөндөрдүн коопсуздугун сактоого кепилдик бере албайт. Эгерде кимде ким мындай кадамга бара турган болсо, ал дароо эле репрессияга дуушар болушу ыктымал. Бийлик үчүн, алардын көрсөтмөсүз өз партиясын түзүүгө аракет кылгандарга каршы кылмыш иш козгоп, камакка алуу анча деле кыйынчылыкка турбаган иш.

***Инга Сикорская, IWPRдин башкы редактору.***

**IWPRдин Борбордук Азиядагы кызматкерлери.**

# Казакстанда исламчыларга болгон кысым

***Расмий бийлик ар кайсыл жерде чачылып, өз алдынча иш жүргүзгөн диний топторго каршы чукул чараларды көрүүдө. Мындай топтор бөлүп – жаруучулукка жана радикалдык өзгөртүүгө аракеттерди жасашууда деп айыпталууда.***

Казакстандын батышындагы исламчыл топтор расмий бийлик тарабынан куугунтукка алынгандыгын айтышса, укук коргоочулар болсо мындай топтордун чет өлкөгө качышкан өкүлдөрү кайра өз өлкөсүнө келишкенде ар кандай коркунучка кабылышаарын айтышат.



Казак бийликтери «Таза дин» («»Чистая вера») аттуу диний топту эстремисттик көз караште экендигин айтышып, алардан өлкөгө чыныгы коркунуч туудурган күч катары чочулашат. Соңку жылдары «Таза дин» коомунун 200гө жакын жактоочулары Чехия республикасынын бийлигине баш баанек сурап кайрылышкан, бирок алардын көпчүлүгүнүн европалык өлкөлөрдөн туруктуу баш баанек алуу өтүнүчү аткарылган эмес. Укук коргоочулар Казакстанга кайрылып келишкен качкындар коркунучка кабылышаарын айтышат.

Чехиянын борбору Прагада жайгашкан радио «Азаттыктын» (Эркин Европа/Радио Азаттык, RFE/RL) 18-февралында берген жыйынтык маалыматында, ал өлкөдө качкын макамын алып жашап жаткандарды эске албай, Чех республикасынан качкын макамын алууну көздөп жүргөндөр дайыма аталган өлкөдөн чыгарылып кетүү коркунучунда экендиги айтылат. Ошондой эле аталган отчетто мындай ишенимдеги Маргула Мухамбетованын 2009-жылдын октябрь айында Чехиядан чыгарылышы, келечекте боло турган ири депортациянын алдында сынак катары жасалган иш чара болуп калды.

Радио «Азаттыктын» отчетунда Словенияга качкан үч үй-бүлөнүн бирөө гана качкын макамына 2009-жылы ээ болгондугу айтылат.

Казакстандагы «Таза дин» диний тобунун башка жактоочуларындай эле суннит мусулмандары да өздөрүн исламдын чыныгы макулуктары экендигин айтышып, расмий ислам коомчулугуна кирбей, Казакстандын Диний башкармалыгынан эркин жана мечитке барышпай тургандыгын айтышат.

«Таза дин» коомунун өкүлдөрү өздөрүн салафиттер деп аташып, фундаменталдык ислам суннит агымынын жактоочулары катары эсептешет, ошондой болсо да алар аталган ислам агымына айрым мүнөздүү нерселерди карманышканы менен, өздөрүн чыныгы сунниттер деп санашпайт. Салафиттердин көбү Казакстандын батышындагы Атырау жана Мангистаун областарында жана Тажикстандын айрым областарында отурукташкан.

IWPRдин кабарчысы «Таза дин» диний коомунун аты – жөнүн толук айтуудан баш тарткан, Алихан аттуу мүчөсү менен баарлашкан. Анын айтымында, аларды куугунтукка алуунун башкы себеби алар расмий динге баш ийбей өз алдынча иш жүргүзгөндүгүндө. Мамлекеттин көзөмөлүндө болбогон бардык нерселер мыйзамсыз деп аталат, ал динге да тиешелүү дейт ал. «Расмий түрдөгү диний уюмдар мамлекеттин идеологиясын жүргүзүшөт. Тагыраак айтканда, бийлик бизди көзөмөлгө алат. Бул өз мезгилинде биздин динге карама-каршы келет жана Казакстанда «Таза дин» мына ушул себептен оппозиция катары пайда болду. Бирок биз тынтыкты көздөйбүз, эч ким менен атаандашпайбыз.

Москвалык адам укугун коргоочу «Мемориал» аттуу коомдун Борбор Азиялык программасынын башчысы Виталий Пономарев «"Таза дин" коомунун мүчөлөрүнүн Казак бийлигинен чочулоосуна толук негиз бар» – дейт.

Жакында ислам фундаменталисттери деп шектелгендерге байланыштуу бир катар сот жараяндары Казакстандын чек жактарында эч кимге белгисиз бойдон өткөрүлдү. Өткөн жылы Актөбө обласында башка расмий эмес диний уюмдун алты мүчөсү «террордук акция уюштурууну көздөгөн» деген айып менен күнөөлөнүшкөн. Аны уюштурду делинип табылган Азамат Каримбаев аттуу жаран 17 жылга эркинен ажыратылып, декабрь айында түрмөдө каза болгон. Анын жесири. Айман радио «Азаттыкка» анын жолдошу өзү жашаган айылга мечит курууну уюштургандыгы үчүн гана ушундай абалга дуушар болгондугун кабарлаган.

Борбор калаадагы Астана шаардык соту үстүбүздөгү жылдын 12-февралында эки адамга карата эл аралык терроризмге байланышы бар делинген сот чечимин өзгөртүүсүз калтырган. Алар экөө тең Орусиядан чыгарылып келинген эле.

Мындан сырткары үстүбүздөгу жылдын сентябрь айында «Таза дин» коомунда чечүүчү ролду ойногон Серикбай Латипуллаев аттуу бизнесмен куралды мыйзамсыз кармаган, баңги затын мыйзамсыз сактаган деген жалаа менен 3 жылга эркинен ажыратылган. Туугандары анын ойдон чыгарылып айыпталгандыгын, чынында Латипуллаев диний көз-карашы үчүн кесилгендигин айтышат.

«Серикбай 2003-жылы өзүнүн каражатына мечит курдурган. Өзүнүн тегерегине көптөгөн кудай деген мусулмандарды топтогон эле» дейт соттолгон

адамдын тууганы Сайфуллин Шариполла. Биз экстремист же диний радикал эмеспиз. Биз ата-бабаларыбыздын тынчтыкты коздогон таза динин улантуучуларыбыз.

Үй-бүлөөнүн башка мүчөлөрү күтүүсүз коркунучтан чочулашып, жогорудагы иш тууралуу бир нерсе дештен чочулашат.

«Латипуллаев соттун чечимин жокко чыгаруу тууралуу арыз жолдогон жок. Ал үч жыл бою түрмөдө отурууну чечти» – дейт атын атагысы келбеген Латипуллаевдин актоочусу. Ал шартуу түрдөң эрте чыгууга укугу бар. Эгерде анын иши он келсе, ал бир жылдан кийин түрмөдөн чыгат.

1996-жылы «Таза дин» диний тобунун Атрау жана Мангистау шаарларындагы 200 дөн ашуун өкүлү өз олкосундо аларга карата куугунтук, кысым болуп жаткандыгын айтышып, Чехия өлкөсүнон баш баанек алууну суранышкан. Бүгүнкү күнү мурда кеткендерди кошпогондо, алардын бирине да баш баанек берилген эмес.




Качкындар Чехиянын бийлиги аларга адилетсиз мамиле жасап жаткандыгын айтышып, өткөн жылдын февраль айында Чехиянын борбору Прагада наразылык акциясын откорушуп, Чех бийлигинен өздөрүнө карата адамгерчиликтүү мамиле жасоону өтүнүшкөн.

Лондондо жашаган казакстандык укук коргоочу Ержан Досмухамбетов Чех республикасын өзүнүн эл аралык конвенциянын талаптарына ылайык алган милдетин өздөрүнүн адам боор ооруй турган абалдагы качкын макамын издегендерге карата аткарбай жатат деп айыптайт.

Анын оюнча Чехиянын бийлиги октябрь айында кандай эл аралык нормага ылайык Мухамбетованы өз өлкөсүнөн чыгарып жиберүүсүнүн шартын коомчулукка тушундуруп беруусу зарыл.

«Саясий качкын катары келген адам эл аралык конференциянын талаптарына ылайык эч убакта демократиялык эмес олконун бийлигинин колуна откорулбошу керек» – дейт Досмухамбетова.

Алматанын аэрпортуна келип түшкөндөн кийин Мухамбетова дайынсыз жоголгон. Ошондон бери анын өлүү же тирүү экендиги тууралуу кабар жок. IWPRдын кабарчысы анын кармалгандыгы же жөн гана көмүско жакка кеткендиги тууралуу дайынын биле албай койгон.

Даянат Ердешев Казакстандан оз уй-булоосу менен чогуу качып кеткен. Жергиликтүү журналисттерге ал август айынын сөнүнда анын аялы үйүндө кимдир бироолор тарабынан сабалгандыгын кабарлаган эле.

Аялы аны ур-токмокко алгандардын ким экендигин тааный алган эмес, бирок Ердешев алар атайын кызматтын өкүлдөрү экендигинен шек санабайт.

Аталган окуяны иликтеген Азамат Майтанов аттуу жергиликтүү журналист «Ердешев аталган окуя тууралуу мага кабарлагандан көп өтпой анын үй-бүлөөсүн атайын кызматтын окүлдөрү райондук бөлүмго чакыртышып суракка алышкан. Даянаттын айтымында анын аялын ал жерде да Ердешевдин үй-бүлөө мүчөлөрүнүн баарын камакка алуу үчүн жетишээрлик фактылар бар экендигин, аларды камап коюга акылуу экендигин айтышып, коркутуп-үркүтүшүп сабашкан. Андыктан алар Европага качып кетишкен. Алар менен байланыш үзүлгөн. Кайда кеткендиги тууралуу кабар жок».

Ердешев жашаган Курмангази районунун диний экстремизмге каршы күрөшүү бөлүмүнүн башчысы Марат Шамбилов жогорудагыдай аялды ур-токмокко алган маалыматты четке кагат. Ошондой эле ал бул ишти чечмелеп берүүдон баш тартты.

Казакстан бийлиги «Таза дин» коому расмий катталбай түрүп пөз ишмердүүлүгүн жүргүзө албай тургандыгын тастыкташат. Юстиция министрлигинин батыш Казакстан башкармалыгынын дин иштери боюнча бөлүмүнүн башчысы Надежда Голубир бардык диний уюмдар мыйзамга ылайык ишмердүүлүгүн жүргүзүшү үчүн расмий каттоодон өтүшү зарыл дейт.

«Расмий каттоодон качып, өзүнүн ишмердүүлүгүн жашыруун жүргүзгөн диний уюмдардын ишмердүүлүгү мыйзамсыз. Мындай уюмдардын ишмердүүлүгүнө өтө катуу тыю салынат» – дейт ал.

Саясат таануучу Андер Чеботарев расмий бийлик, айрыкча тартип коргоо органдары ар кандай диний уюмдарга эч себепсиз деле тийише беришет. Казакстанда мындай абалга расмий ислам менен катар православ Орус чиркөөсү да дуушар болушу ыктымал.

«Салафиттерге асылуу менен алар жанымдан дагы бир душмандын образын түзүүнү көздөшүүдө деген ойду жокко чыгарууга болбойт»-дейт Чеботарев.

***Артур Нигметов – журналист-фрилансер в Уральске, Западный Казахстан, и внештатный корреспондент RFE/RL.***

# Кыргызстан: журналисттердин коопсуздугу боюнча тынчсыздануулар

***Ырайымсыз зомбулук медиакоомду тынчсыздандырат.***

Кыргызстандык журналисттерге кол салуу толкуну кабарчыларды, жергиликтүү жана эл аралык уюмдарды тынчсыздандырды.

Медиаөкүлдөрдүн пикиринде, Кыргызстандын бийлиги журналисттерге каршы жасалган кылмыштарды иликтеп, күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга алсыз болуп, алардын наразылыгын туудурууда.

Кыргызстан журналисттеринин Ассоциациясынын маалыматы боюнча, акыркы эле төрт жылдын ичинде кыргызстандык 58 кабарчы кылмышкерлердин курмандыгы болгон.

Ал эми Кыргызстандын Ички иштер министрлигинде 2005-жылдан 2009-жылга чейин 28 иш катталып, 23ү боюнча кылмыш иши козголгон. 5 окуя көз жаздымда калгандыгын белгиледи.

Журналисттерге кол салуунун акыркы курмандыгы – Геннадий Павлюк, көп кабаттуу үйдөн артына колдору байлануу боюнча кулап түшкөн. Ал 22-декабрда бейтапканада каза болду.

Бул окуя Казакстандын каржы борбору Алматыда өткөн. Казакстандын полициясы бул ишти атайын өлтүрүлгөн деген факт катары каттаганын билдирди.

КТК казак телеканалы, Кыргызстандын улуттук коопсуздугунун үч кызматкери журналистке жолугушуу болжоп, кол салуу маалында аны менен бир батирде болгон. Ал эми Кыргызстандын Мамлекеттик улуттук коопсуздугунун пресс-кызматы бул маалыматты четке какты.

Павлюк менен кызматташ адамдар анын өлүмүнүн себебин Кыргызстандагы веб-сайт ачуу жумушуна байланыштырышты.

«Ата Мекен» оппозициялык партиясынын демилгечиси Өмүрбек Текебаев Эркин Европа Радиосуна (RFE/RL) окуя болоор алдында Павлюк менен жолукканын, аны менен болгон маекте веб-сайтты түзүү боюнча пландарды талкуулаганын айтып өттү.

Текебаевдин айтымында, көп ММК сындап чыккан atameken.kg партиянын расмий ураандоочусу эмес, көз карандысыз веб-сайт болмок, деп жазылган RFE/RLдин сайтында.

«Менимче, бул далили бар дагы бир кылмыш, Кыргызстандагы сөз эркиндигин чектөөгө багытталган», деп саясатчынын пикирин билдирди веб-сайт.



Павлюк жакында эле кыргыз өкмөтүнүн жаңы реформаларынын чыныгы маанисин сындаган бир нече макала жана интервью жазып чыккан, деп кошумчалады Текебаев.

Кыргызстандагы өкмөттүк эмес уюмга кирген Медиаөкүлчүлүк институтунун мүчөсү Акмат Алагушев, укук коргоо органдары журналисттерге кол салуу кылмыш иштерин ачык тергөөгө милдеттүү деген оюн айтты.

«Бул өлкөдөгү сөз эркиндиги кылмыштын ачылышына жана күнөөлүүлөрдүн адилеттүү жазаланышына байланыштуу», – деди. Анын оюнда, жазаланбагандык журналисттик коопсуздук тармагындагы алдыга карай жылыштарга тоскоолдук түзөт.

Нью-Йоркто штаб-квартирасы бар эл аралык өкмөттүк эмес уюм, журналисттердин укугун коргоо Комитети, Павлюктун ишин көзөмөлгө алды. Комитеттин европалык жана борбор Азиялык программанын координатору Нина Огниянова бул тергөө иши эки тараптуу кызматташтыксыз ийгиликтүү өтпөөрүн айтты. “Биз казак тергөөчүлөрүн Кыргызстандагы кесиптештеринине кошулуп, ал эми кыргыз өкмөтү бизге жардам берүүсүн, баардыгы бирдиктүү иш алып баруусун талап кылабыз”, – деди.

Журналисттерге кол салуу боюнча түзүлгөн кырдаалга өз көз карашын IWPRге билдирген пикиринде президенттин Катчылыгына шериктеш кызматтын жетекчиси Илим Карыпбеков, бийлик сөз эркиндигин колдоорун айтты.

«Биз мамлекетти демократиянын негизинде курабыз, андыктан сөз эркиндигин колдоп, анын көз карандысыздыгына каршы эмеспиз. Ошондой эле журналисттердин коопсуздугу камсыздалышына жана ММК кызматкерлерине болгон кол салуу кылмыштары ачылышына кызыктарбыз», – деди ал.

Карыпбеков Журналисттерге кол салуу иштерин укук коргоо органдары иликтейт, ал эми катчылык алардын ишинен кабардар болуп турат. «Биз коомчулукту тергөө иштери жөнүндө маалымдап, ошол эле учурда бардык кызыкдар тараптарды бул маселени чечүүдө биримдиктүү аракет кылууга үндөйбүз. Медиакоомчулуктан бизге жооп катары бийликтин дарегине негизсиз доомат коюунун ордуна, үзүрлүү сунуштардан жана чечимдерден турган олуттуу кадамдарды күтөбүз», – деди.

Декабрь айынын ичинде эле кыргызстандык журналисттерине үчүнчү ирет кол салуу болуп, андан Павлюк каза тапты.

Бишкектеги Росбалт россиялык кабарлар агенттигинин кабарчысы Александр Евграфовду, былтыркы жылдын декабрь айында Кыргызстандын борборунда сабап кетишкен.

Бир нече күн өтпөй эле Кыргызстандын түштүк шаары Ошто «Ош шамы» гезитинин редакциясына Калашников автоматынын огу менен коркутуу манисиндеги кат жиберилген.

Ал эми Алишер Саипов жана Алмаз Ташиев аттуу журналисттер 2007-жана 2009-жылдары өлтүрүлгөн.

Ошто иштеген белгилүү журналист Саиповду көчөдөн белгисиз адам атып кеткен. тарабынан известный журналист, работавший в Оше, был застрелен на улице неизвестным. Улуту боюнча өзбек журналист өзбек тилиндеги «Сиёсат» гезитинин негиздөөчүсү, коңшу Өзбекстандагы укук коргоо кырдаалын сындап чагылдырган.

Кыргыз тилиндеги «Агым» гезити жана бир нече кабар агенттиктери менен кызматташып иштеген көз карандысыз журналист Ташиев, милицияга жаңы паспорт алам деп келген учурда укук коргоо органдары тарабынан сабоо жеген.

Бул кылмыштар боюнча эч ким жоопкерчиликке тартылган жок.

Андан башка «Репортер» гезитинин кабарчысы Сыргик Абдылдаевди бычак менен сайгылап кетишкен; мамлекеттик телекомпаниянын журналисти Кайрат Биримкулов сабоого дуушар болгон; НБТ каналынын журналисти Гүлмира Үмөталиева жаракат алып камерасы талкаланган; ошондой эле саясий баяндамачы Александр Князев тонолуп, ноутбук жана акчасынан айрылган.

2005-жылдан тарта алты журналист өлкөдөн качып башка өлкөдөн саясий жай суроого аргасыз болгон.

«Журналист» коомдук уюмдун жетекчиси Марат Токоевдин сөзү боюнча, баарынан кол салуунун ырайымсыз мүнөздө болушу кооптондурат жана ал көнүмүш адатка айланууда.

“Мен журналисттерге болгон кол салуу күчөдү деп айта албайм, бирок анын мүнөзү катаалдап баратат... Кол салуулардын ырайымсыз, одоно-оройлугунун натыйжасында журналисттер бейтапканага түшүп, керек болсо каза болгон учурлар да бар” – деди ал.

Токоевдин айтымында, анын уюму Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык Уюмунун (ОБСЕ) адистери жана жактоочулар, милиция менен бирдикте реалдуу кол салуу санын тергөө максатында иштеп, алар курмандыктардын кесиптик ишкерлигине кандайча байланыштуу экендигин иликтеген.

Түзүлгөн кырдаал Бишкектеги ОБСЕ борбору үчүн журналисттик коопсуздукту 2010-жылдын эң орчундуу маселеси катары кароого түрткү болду.

Бишкектеги ОБСЕ борборунун башчысынын орун басары Лилиан Дарий IWPRге берген интервьюсунда, анын уюму журналисттердин коопсуз чөйрөдө өз ишин жоопкерчилик менен аткарып, коркутуу, үркүтүү жана жазалоодон кооптонбой иш алып баруусуна шарт түзүүгө аракет кылаарын билдирди.

Ал ОБСЕ журналисттерге юридикалык жардам көрсөтүп, бул маселе боюнча калктын калың катмарында жарыш сөз уюштурууну пландаштырып жатканын айтты.

«Ага байланыштуу Кыргызстандын өкмөтүнө ОБСЕнин өкүлү катары түзүлгөн катаал мүнөздөгү кырдаалды оңго салууга чакырам », – деди Дарий.

Токоев журналисттик коопсуздукту жылдын оруңдуу маселеси катары коюлушуна макул болду, бирок ал маселе бардык тараптардын бирдиктүү аракетинин натыйжасында гана чечилээрин айтты.

«Коркутууга жана күчкө каршы туруштук берүү үчүн, журналисттер биригип, ынтымакташып бир сөздө болушу керек», – деди ал.

***Асыл Осмоналиева, IWPRдин машыгууларын өткөн кыргызстандык журналист.***



# КЫРГЫЗСТАНДА КЫЙНООЛОРГО КАРШЫ ЖАЗЫЛГАН ЖОБО БАШКА ЧЕЧИЛБЕГЕН МЫЙЗАМДАРГА ҮЛГҮ БОЛУП КАЛЫШЫ МҮМКҮН

***Күч колдонуп күнөөнү моюнга алдырган өкүмдү алып салуу кыйноолорго каршы күрөштөгү ийгиликтин учугу болушу мүмкүн. Бирок моралдык басмырлоо үчүн компенсация төлөп берүүнү жана зордук-зомбулук колдонгон, кыйноону жашырган адамдарды сот тарабынан жазалоо талаптарына жооп күтүү али алдыда.***

Милиция кызматкерлери тарабынан кармалып, күнөөнү моюнга алышы үчүн уруп-сабалган Павел Злобиндин иши тилекке каршы, Борбор Азияда жалгыз эмес. Ага карабай Кыргызстандын түштүк шаары Оштун 37 жашар тургуну, кыйноо колдонгон милиция кызматкерлерине биринчи болуп арыз жазган киши катары тарыхка кирип калышы мүмкүн.

Злобинге баңги затын саткан деген жалаа жабылган, бирок Жогорку сот аны актап чыккан. Эми ал тарткан чыгашасын 5 миллион сомго, (115 миң доллар) баалап, укук коргоочу органдарына, денесиндеги жараат, шишиктерине көңүл буруп каттабай койгон прокуратура, медицина кызматкерлерине каршы арыз жазып, иликтөө ишин талап кылууда.

2008-жылдын март айларында, Злобин кармалып, убактылуу кармоочу жайга отургузулган.

Анын апасы Валентина Злобина уулунун абакта зордук-зомбулукка дуушар болгонун угуп,айгай көтөрүп, укук коргоочу органдарынын кийлигишүүсүн өтүнгөн. Укук коргоочу «Справедливость» уюму жазалануучуга жактоочу таап, ал эми Валентина өзү Кыргызстандын мыйзамдарына ылайык жазалануучунун атынан сүйлөгөн профессионалдык эмес, коомдук жактоочу катары сотто иш жарыш сөзгө катышты.

«Менин уулумду бир нече жолу чыныгы кылмыштары үчүн соттогон, мен анда бир да жолу кийлигишкен эмесмин, ал эми бул жолку баңги затын сатты дегенине мен ишенбейм», деп кайрылды Злобина “Справедливость” коомуна.

Тергөө маалында Злобин күнөөнү мойнуна алды, бирок кийин ал кыйноого жана коркутууга дуушар болгондуктан айла жок күнөөлөөгө макул болгонун билдирди.

2008-жылдын октябрь айында Жалал-Абаддын шаардык соту Злобинди актап чыкты, анткени жигиттин күнөөнү моюнга алуусу “мыйзамсыз жараяндык нормаларды одоно бузуу менен табылган” деген чечим чыгарган.

Злобиндин айтуусунда, ал Жалал-Абадга жумуш издеп келип, көчөдө жумуш сунуштаган адамды күтүп турган. Көчөдөн милиция кызматкерлери документин сурашты. Жанында бир да күбөлүгү болбогондуктан, бөлүмгө баруунү талап кылып машинеге салып кетишти. Ал жерден баңги затын сатып жүрөт деген жалаа жабышты.

Тергөөчүнүн сөзү боюнча Злобинден желим баштыкта катылган эки килограмм героин таап чыгышкан.

Шаардык сот алдын ала жүргүзүлгөн тергөөдөн көп кемчиликтерди жана мыйзам бузууларды тапкан. Алгач иштин материалында катталган эки күбө кыз сотто Злобинди кармоо учурунда болгон эместигин билдиришти.

Ошол эле Злобинге каршы көрсөтмө берген күбө кыздар милиционердин сөзү боюнча жазып, тергөөчү суракка алды деп калп айтканын жана суракка алган тергөөчүнү сотто биринчи жолу көргөнүн билдиришти.

Чогулган маалыматтар жана сот Камчыбек Илиязовдун өкүмүнө карабай прокуратура апелляцияга берип, иш Жалал-Абад областтык сотуна өткөн. 2008-жылдын декабрь айында областтык сот актоо өкүмү жазалоо өкүмүнө айланып, Злобин 16 жылга эркинен ажыраган.

«Справедливосттин» жардамы менен Валентина Злобина Кыргызстандын президенти Курманбек Бакиевге, өлкөнүн башкы прокуротуна, Жогорку Соттун төрагасына ачык кат жазып, иш Массалык маалымат каражаттарында чоң резонансты жараткан. 2009-жылдын март айында Жогорку Сот областтык соттун чечимин жокко чыгарып, тергөө материалдарын калп деп тапкан.

Ак жерден жалаа жабылып соттолгонуна күйгөн Злобиндин үй-бүлөсү адилеттүүлүктү орнотуу менен алектене баштады.

«Адилеттүүлүк орноду, бирок уулум канча нерв, өмүрүн жоготту. Менимче, аны тергөө маалындагы кыйнаган зордукчулары жазага тартылышы керек», – деди Валентина.

«Справедливость» уюмунун мүчөсү Абдумалик Шарипов Злобиндин иши бүгүнкү күндө көп себептерге байланыштуу жалгыз туура чечилген иш дейт.

«Биринчиден ишти толугу менен утуп алдык. Экинчиден укук когоочулар тергөөчүлөрдү кыйноо жөнүндө берене боюнча күнөөлүү деп далилдешти. Жо-



горку соттун өкүмүндө медэкспертизанын корутундусу эске алынды, эң башкысы курмандык болгон адам эч нерседен корпой аягына чейин күрөшүүнү каалады», – деди ал.

Биринчи раундда зыян тарткандыгы үчүн төлөтүлгөн акынын суммасы канаттандыраарлык болгон жок. 2009 - жылдын ноябрь айында Кыргызстандын түштүк калаасы Оштун шаардык соту Злобиндин пайдасына 50 миң сом (болжол менен 1200 $) төлөп берилишин чечти.

Бир да тарап натыйжага ыраазы болгон жок. Жалал-Абад областынын Ички иштер башкармалыгы, карама каршы арыз менен Злобин да аппеляцияга беришти. Злобин арызын толук көлөмдө канаттандырышын талап кылууда. Эки арыз тең Ош областтык сотуна жөнөтүлөт.

Компенсация төлөп берүү талабынан башка жактоочу Саидкамал Ахмедов Жалал-Абад областынын прокуратурасына кайрылып, Злобинге каршы кыйноолорду колдонгон милиционерлерди жазалоону өтүнгөн. Прокуратура кылмыш ишин козгоодон баш тартты жана алар тартиптик жоопкерчиликке эчак эле тартылганын билдирди.

Ахмедов суроосун ачык бойдон калтырбайт. “Биз Злобинге зордук-зомбулук колдонгон милиция кызматкерлерин адилеттүү жазалоосун талап кылып республиканын Жогорку Сотуна чейин, керек болсо, БУУнун укук коргоо Комитетине чейин жетебиз. Кыйноо колдонгон деген далилдерден башка, аны туура тапкан Жогорку соттун чечими бар”, – деди ал.

Кыргызстанда кармалган адамга каршы колдонулган кыйноо фактысын далилдөө өтө кыйын иш. Кыйноолорду колдонуу жөнүндө берене 2003-жылы кылмыш мыйзамына киргизилген, бирок Шариповдун айтуусунда, бир да адам бул берене боюнча жоопко тартыла элек. (Толугураак бул суроо боюнча-Кыргызстан: окугула.)

«Злобиндин иши милиция кызматкерлери кыйноолору үчүн жоопкерчиликке тартылган биринчи иш болот деп үмүттөнөбүз. Ал үчүн биздин



мүмкүнчүлүгүбүз жетет. Бирок берене толук кандуу иштеп кетиши үчүн мамлекет жетекчилеринин гана саясий эрки жетпей жатат», – деди Ахмедов.

***Илья Лукашов, кыргызстандык кабарчы.***

# ТАЖИК УКУК КОРГООЧУЛАРЫ КАТТОО ИНСТИТУТУН ЖОККО ЧЫГАРУУНУ ТАЛАП КЫЛЫШУУДА

***Сынчылардын ою боюнча совет заманынын каттоо тутуму азыркы кезектин талабына жоп бербейт.***

*Тажикстандын укук коргоочулары милдеттүү каттоону жок кылуу боюнча кампания өткөрүп, мындай чара жарандардын өлкө ичинде эркин жүрүүсү жөнүндөгү негизги укугун бузуп жаткандыгын белгилешет.*

Мурдагы жылы эле Варшавада өткөн ОБСЕнин адам укуктары жана демократиялык институттары боюнча бюросунун аймактык отурумунда, Тажикстандын Адам укуктары жана мыйзамдуулукту көзөмөлдөө Бюросу, жарандардын жашаган жерин аныктаган каттоону жок кылууга үндөп кеткен.

Бул укук коргоочу уюмдун юристи Сергей Романовдун пикиринде, ОБСЕнин ошол отурумунан кийин деле, аталган системада Конституцияга дал келбейт деп саналып кеткен жагдайлар дагы деле өзгөрүүгө учурай элек.

Тажикстандын аймагында жашаган кишилердин баары, расмий жашап жаткан жерине катталып, бул жөнүндө маалыматты жергиликтүү милиция бөлүмүнө бериши керек. Мындай каттоону далилдеген мөөр паспортко коюлуп, жумушка орношоордо, балдарды мектепке киргизээрде, жана башка мамлекеттик институттар менен карым катнаш жүргүзгөн учурда талап кылынат.

Каттоо институту Советтер союзу маалында киргизилген. Анын негизги максаты өлкө ичиндеги жарандардын орун алаштыруусун көзөмөлдөө жана элет жергесинен чоң шаарларга болгон элдин массалык миграциясын токтотуу болчу.



Мындай мүнөздүү багыт дагы да болсо Тажикстанда сакталып келет. Азыр да өлкөнүн борбору Дүйшөнбү, айылдан нан табуу максатын көздөгөн жумушчуларды өзүнө тартып турат.

Шаарда туугандары бар болуп, алар өз үйүнө киргизип орун берүүгө каршы эмес болсо , же болбосо үй сатып алууга мүмкүнчүлүктөр барлар гана мындай каттоо баракчасына ээ болушат. Бирок мындай учурлар сейрек кездешет. Ал эми калгандары алыскы айылдарда катталганына карабай, шаарда мыйзамсыз жашап да, иштеп да келишет.
Жашаган жерде катталбагандык – кылмыш деп саналат. Ал эми милиция кызматкерлери ар бир үйдү кыдырып, аталган дарек боюнча чыныгы жашап жүргөн адамдардын документтерин текшерүүгө толук укугу бар.

Катоосунун жоктугу үчүн Таджикстандын жарандары жана чет өлкөлүк атуулдар 37 долларды түзгөн айып төлөшөт, ошол эле учурда катоосу жок адамды жумушка алган ишкер, мамлекетке 160 доллар төлөп берүүгө милдеттендирилет. Бул айыптын көлөмү Тажикстан үчүн чоң эле акча деп айтса болот, анткени тургундардын орточо айлык маянасы 60 долларды түзөт.

Каттоого байланышкан мыйзам бузуулар, милиция өкүлдөрү үчүн кирешелүү ишке айланган, алар күнөөлүү тарапты өз каалоосу боюнча кармап, камакка алып, каалаган учурунда пара алып, коё беришет.

37 жашар Абдухалим IWPR менен болгон маегинде, борбор шаарга мурдагы жылы Согди областынын түндүгүндө жайгашкан айылдан жумуш издеп келгенин айтты. Дүшөнбөдөн ал электриктин жумушун таап, батирди ижарага алып жашап келген.

Бир жолу Абдухалимге укук коргоо органынын өкүлү келип, документтерин текшерип, үй-бүлө катоосуз жашап жүргөнүн аныктап, Абдухалимди милиция бөлүмүнө алып кеткен. Ал жерден үй-бүлө башчысы 11 долларды түзгөн пара берип кутулуп чыккан.

Батирдин ээси да Абдухалимди үй-бүлөсү менен эч кандай келишими жок эле киригизип, каттоого тургузбагандыгы үчүн расмий айып төлөдү. Ошондон кийин мыйзамсыз ижарачы бул жайдан чыгып кетүүгө аргасыз болду.

20 жаштагы Артур дагы IWPRга каттоо баракчасына байланышкан көйгөйүн билдирди. Жаш бала 15 жашында уурулук кылгандыгы үчүн 2,5 жылга түзөтүүчү жайга камалган. Анын айынан паспорт алганга да жетишпей калган.

Азыр Артурдун пикиринде паспорт алыш үчүн каттоо баракчасы талап кылынат, ал эми каттоого туруу паспортсуз мүмкүн эмес.

«Чечилбес маселе болуп калды, эмне кылаарымды да билбейм», – деп кейийт Артур.

Азыр убактылуу досторунукунда жашап жүрүп, жаш жигит, паспортту пара берип алам го деген ойдо.

«Паспорт бергендерге эле акча берип койгонуң оң дешти, анан сүйлөшүп бир жатаканага каттоого туруп алам, – дейт ал. – Бул менин акыркы үмүтүм».

Айрым сынчылар бул система атуулдардын каалаган жеринде эркин жашоо жана ылайыктуу жашоо шарттарды издөөгө болгон, баш мыйзамда жазылган укуктарын бузуп, ошондой эле  Тажикстан катышкан атуулдук саясий укуктар жөнүндөгү эларалык пактка карама каршы экендигин белгилешүүдө.

10 жылга жакын паспорт тутумунда иштеп келген, ички иштер органдарынын кызматчысы Сайдакрам Ёров бул системаны өзгөртүүнүн муктаждыгын айтат.

“Эларалык практикада каттоо деген түшүнүк жок, – дейт ал, – жана көптөгөн өлкөлөрдө жарандарды каттоо, жалаң эле билдирүү түрүндө болот”.

Юрист Абдукаюм Юсуфов да  милдеттүү түрдө каттоодон өтүү тажрыйбасы эскирип, замандын талабына туура келбээрине макулдугун билдирип, мындай ыкма деле бийлике ким кайда жашап жаткандыгы жөнүндө так маалымат бербээрин белгилейт.

«Биздин жарандардын көбү бир дарекке катталып алышып, ал эми чыныгы жашаган жери такыр башка болуп чыга келет”, – дейт Юсуфов.

Бирок каттоо системасынын да жактоочулары бар. Алардын айтымында аталган институт  өлкөдөгү  коомдук тартипти сактоого өбөлгө түзөт.

«Жумасына Дүшөнбөгө жүздөгөн адам келет. Алардын арасында мурда кылмыштуу дүйнөгө тиешеси бар болгон адамдар да кездешет, – дейт тажик парламентинин депутаты Галлия Рабиева. – Алардын жашап жаткан жери жана алектенген иши  белгилүү болсо, мындай кишилерди көзөмөлдөп туруу да алда канча жеңил болот.

Рабиева  каттоо институту кимдир бирөөнүн эркиндигине же укугуна шек келтирет деген сөзгө такыр кошулбайт. “Биздин атуулдар эркин эле бир жерден экинчи жерге көчүп, өлкөнүн каалаган жеринен жумушка орношо алышат”.

Өзүнүн атын атагысы келбеген милиционер IWPRга кылмыштуулуктун алдында болгон коркунуч жана өлкө ичиндегит консервативдик көз караштар аталган системаны реформалоого бут тосоорун айтып өттү.

«Каттоо институтун жоюуга мамлекеттик аткаминерлердин совет учурунда калыптанып калган ой жүгүртүүсү тоскоолдук болуп жатат» , – дейт ал.

***Наргис Хамрабаева – тажик «Asia-Plus» жаңылыктар агенттигинин журналисти. Журналист Тажикстандагы IWPRдын тренингинен өткөн.***

# ТАДЖИКСТАН: ГЕЗИТТЕРГЕ КАРШЫ ДОО АРЫЗДАРГА ТЫНЧСЫЗДАНУУ

***Айрым медиа байкоочулардын оюу боюнча гезиттерге, жалаа жабуу боюнча козголгон сот иштери, шайлоо алдындагы 3 басылмага каршы биргелешип жасалып жаткан кампаниядай көрүнөт.***

Тажикстандын алдыңкы гезиттерине карата козголгон жалаа жабуу боюнча соттук иштер бул 28-февралда боло турган парламенттик шайлоо алдындагы бийликтин маалымат каражаттарына басым көрсөтүп жаткандыгы деген кооптонууларды жаратты.

«Азия Плюс», «Фараж» жана  «Озодагон» гезиттери менен болгон тынчтык келишимин түзүү аракеттери ишке ашпай, биринчи соттук угуулар 23-февралда өтмөй болду. Эң кызыгы Бул соттук териштирүүдө басылмаларга каршы доо арыздары менен кайрылган 3 адам өздөрү фемида өкүлдөрү. Алардын экөөсү, болгондо да жогорку соттун  судьялары.

Судьялар аларга келтирилген зыянды 1,2 миллион АКШ долларына барабар деп баалап, гезиттердин бул сумманы төлөп берүүсүн талап кылышууда. Күнөөлөп жаткан тараптын пикиринде, аталган басылмалар, бир жыл мурун коррупция деген берене боюнча күнөөлүү деп табылган адамдардын адвокаты уюштурган маалымат жыйыны жөнүндө жазып чыгышкан. Мындай кыймыл аракеттери менен судьялардын абройуна шек келтирген. Арызданганардын бири, жогорку соттун судьясы Нур Нуров соттук процесс аягына чыкмайынча аталган гезиттерди жаап салууну талап кылган.


26-январ күнү жогорудагы басылмаларга сот иши козголо электе Дүшөнбө шаарынын соту “Пайкон” гезитине каршы берилген доо арызды канааттандырып, басылманы 70 миң доллар деп бааланган зыянды төлөп берүүгө милдеттендирген. Алгачкы жолу бул айып октябрь айында салынган. Ошондо

Соода инспекциясы жана стандартташтыруу мамлекеттик агенттиги жалаа жабуу боюнча соттук ишти утуп алган. Ал доо арызга ишкерлердин аталган агенттикти сынга алган ачык катынын гезитке басылып чыгышы негиз болгон.

Ошондой эле 26-январда Тажикстандын айыл чарба министрлиги башка “Миллат” аттуу гезитти жалаа жапты деп күнөөлөп, сотко кайрылаарын билдирген. Декабрда гезит бетине чыккан, ведомстводогу коррупция жөнүндөгү макала мекемеге шек келтирди деп, моралдык зыянды 230 доллар деп баалашып, төлөп берүүсүн талап кылышкан.

Эркин ой жүгүртүп, кадыр баркка ээ болгон гезиттер катышкан бул ызычуулардын толкуну, жергиликтүү жана эларалык уюмдардын наразычылыгын туудурду. Алардын айрымдары мындай аракеттерди парламенттик шайлоонун алдындагы массалык маалымат каражаттарына карата көрсөтүлүп жаткан кысым катары балашууда.

«Тажикстандын бийлиги сот системасын Массалык маалымат каражаттарды коркутуу үчүн колдонгонун токтотушу керек”, – деп белгиледи 1-февралдагы 5 гезитке каршы жасалып жаткан аракеттер жөнүндөгү билдирүүсүндө «Репортеры без границ» уюму (Reporters Without Borders). Аталган уюм дүйнө жүзүндөгү сөз эркиндигин колдоп келет.



**Доо арызга шылтоо болгон каттын ээси адвокат Солух Жураев журналисттердин суроосуна жооп берүүдөө.**

Бир жумадан кийин ОБСЕнин массалык маалымат каражаттары боюнча өкүлү жогорку постторду ээлеген аткаминерлер тарабынан козголгон соттук процесстерди “өлкөдө цензураны киргизүүгө болгон кооптуу аракеттер” деп атады.

“ММКры колундагы маалыматты таратууга болгон укугун толук кандуу колдонушу үчүн алар эч качан маалымат булагы белгилүү болгон макаланы жазып чыккандыгы үчүн жоопкерчилике тартылбашы керек”, – дейт ал.

Нью-Йорктун журналисттерди коргоо комитети «Азия Плюс», «Фараж» жана «Озодагон» гезиттерине салынган айып аталган басылмалардын банкрот болуп, жабылышына алып келиши мүмкүн деп белгиледи.

«Бул иште доо арыз менен кай-рылгандар тааасирдүү судьялар болгону коомчулуктун кооптонуусун туудурат”, – дейт журналистерди коргоо комитетинин Европа жана Борбор Азиялык программаларынын координатору – Нина Огниянова.

Таджик медиа-бейөкмөт уюмдарынын тобу бул соттук териштирүүлөрдүн көбөйүп баратканына жана кымбаттыгына карата болгон тынчсыздануударын да билдирип кетишти. Мындай жагдай массалык маалымат каражаттарынын мындан да чектөөгө учурашына алып келиши мүмкүн.

Тажикстандын ММКнын көзкарандысыз ассоциациясынын төрагасы Нуриддин Каршибоев CPJ менен болгон маегинде, жалаа жабуу боюнча мыйзамдар, шайлоо алдында сындуу көз караште болгон маалымат каражаттарынын тизгинин тартуу максатында жасалып жатканын айтып өттү.

Аны менен журналисттер союзунун төрагасы Акбарали Сатторов макул болду.

«Кандайынан карабасак да сөз эркиндигине басым жасалып жатат. Өзгөчө шайлоо алдында, – дейт ал. – Күнөөлөп жаткан тараптар да жөнөкөй эле адамдар эмес, булар – судьялар, министерстволор, жана мамлекеттик комитеттер.

“Журналисттерди эскерүү фондунун” төрагасы Мухтор Бокизода өзүнүн окуясын эстеп кетти. 2005-жылдын январ айында, парламенттик шайлоого бир ай убакыт калганда аны жеке басмакана үчүн электр энергиясын мыйзамсыз колдонду деп күнөөлөшкөн. Ошол кезекте Мухтор президент менен өкмөттүн ишин сынга алып келген «Неруи Сухан» гезитинин башкы редактору болчу. Жыйынтыгында басмакана жабылып, кийинки жылы да гезитти чыгарганга мүмкүнчүлүк болгон эмес, анткени бир да мамлекеттик басмакана чырдуу «Неруи Сухан» менен иш алып баргысы келген жок.

Өзүнүн IWPRга берген интервьюсунда Нуров судья бул иш саясий максаттарды көздөйт деген имиштерди жокко чыгарып, ал жана анын кесиптештери жөнөкөй адамдардай эле аброюн коргоону чечкендигин билдирди.

«Биз доо арыз менен кайрылдык, бирок иш сөзсүз биздин пайдабызга чечилээрине эч ким кепилдик бере албайт”, – дейт Нуров.

Активдүү медиаөкүлдөр жана сереп-чилер жалаа жабуу жөнүндө иштер мүнөздүү багытка айланып бараткынын баса белгилешет.

«Акыбал абдан кооптуу, эгер муну токтотпосок, массалык маалымат каражаттарына карата жасалган бут тосуулар көбөйүп, журналисттердин профессионалдуулугуна зыян алып келиши мүмкүн, – дейт Каршибоев, анткени журналисттер коомдук маанилүү маалыматтарды таркатып, өздөрүнүн милдеттерин так аткаргандыгы үчүн жапа чегип жаткандыгын кошумчалап кетти.


Саясатчы Парвиз Муллоджановдун оюу боюнча өкмөт сынды көтөрө албай, аткаминерлердин ишин талдаган маалымат каражаттарына каршы катуу чара көрүү аракетинде.

«Көзкарандысыз басылмалардын көбөйүп бараткань белгилүү бир кызматкерлер тобунун наразычылыгын туудуруп жатат, – дейт ал. – Бул адамдар тарабынан гезиттерге жасалган басым акырындап чоңойуп, башында билинээр билинбес эле болсо, акыры бир курч формага айланаары белгилүү болгон.

5-февралда Душанбеде IWPR жана НАНСМИТ менен биргелешип уюштурган тегерек үстөлдө медиаэксперттер, юристтер жана укук коргоочулар көзкарандысыз ММКнын көйгөйлөрүн талкууга алышты. Анын жыйынтыгында журналисттерге жалаа жабуу иштери боюнча укуктук жактан жардам көрсөтө турган атайы топ түзүү чечими кабыл алынды.

***Аслибегим Манзаршоева и Зарина Эргашева IWPRдын тренингтерине катышкан Тажикстандагы журналисттер.***

# ЖУРНАЛИСТТЕРДИ КОРКУТУП, ӨЗБЕК БИЙЛИГИ АЛАРДЫН ЧЫНДЫКТЫ ЖАЗУУСУНА ТЫЙУУ САЛГЫСЫ КЕЛИП ЖАТАТ.



***Көзкарандысыз журналисттерге болгон басымдын күчөшү Өзбек бийлигинин объективдүү маалыматтан корккондугунан чагылдырып жатат окшойт.***

**14-январда** Ferghana борборазиялык маалымат агенттиги, Ташкент прокуратурасы Өзбекстанда эмгектенген бир катар көзкарандысыз журналисттерди суракка алгандыгы жөнүндө билдирди.

Алты кабарчы Ташкенттин прокурорунун жардамчысы Бахром Нурматовго сүйлөшүүгө чакырылган.

Бирок алардын экөөсү чакырык баракчасыз аны менен жолугушуудан баш тартышкан.

«Прокуратурада журналисттердин ар биринин бардык макалаларын, ошондой эле өмүр баяны жана башка документтерди камтыган досьени көрсөтүшкөн, – деп жазат агенттик. – Ташкент шаардык прокурорунун жардамчысы бул материалдардын бардыгын анын колуна улуттук коопсуздук кызматы жана Өзбекстандын тышкы иштер министрлиги өткөрүп бергендигин жарыялады.

Журналисттердин пикиринде прокуратура кызматчысы кабарчылардын өмүр баянынан эл билбеген фактыларды окуп кеткен, ошондой эле журналисттердин бардык тергеме аттарын жана бул аттардын алдында басылып чыккан макалаларын санап өткөн. Мындан тышкары журналисттердин кайсыл чет элдик маалымат каражаттары менен иш алып барышкандыгы жана кандай эл аралык конференцияларга катышып, качан жана канча акча аларга которулуп тураары жөнүндө суроолорун берип кеткен.

Көзкарандысыз кабарчы Сид Янышевден да кайсыл чет элдик веб-булактар менен кызматташаары жөнүндө сурашкан.

«Бул жерде сиздин макалаларыңыз, апыртма мүнөздө болуп, мамлекет жетекчилигинин аброюна шек келтирүүдө" – деген прокурордун сөздөрүн Ferghana агенттиги жазып чыкты.

Андан кийинки күнү, 8-январда, дагы бир ташкенттин көзкарандысыз кабарчысы Алексей Волосевич да прокуратурага ачык маекке чакырылган.

«Нурматов [ташкент прокурорунун жардамчысы] мен өз макалаларымда кандай тергеме аттарды колдоноорума кызыгып, чет мамлекетке чыктым беле, ошондой эле Uznews.net жана IWPR менен иштешемби деген суроолорду жолдоду. Бул эки маалымат каражаты алар үчүн эң кооптуу деп саналат окшойт.

NBCA-нын өлкө ичинде жана чет мамлекеттерде суракка алынган серепчилеринин пикиринде, атайы кызматтардын көзкарандысыз журнлисттерге болгон кызыгуусу онлайн журналистикасынын өнүгүшүнүн жана анын ээлей баштаган ролунун кесепети. Интернеттеги Өзбекстан жөнүндөгү талдама макалалардын көбөйүшү, жана алардын цензурадан тышкары болушу кооптондурат. Анткени ички басылмалардын бардыгы көзөмөлгө алынып, идеологиялык жактан кылдат текшерүүдөн өтүп турат.

«Өзбекстандагы бир нече журналист өз өмүрүн аябай тобокелге салып, интернет сайттарга өз материалдарын чыгарып келишет, – дейт RFE/RL өзбек кызматынын, (Ozodlik) кабарчысы. – Бүгүнкү күндө да бийликтин катуу көзөмөлүнө карабастан, Өзбекстандан объективдүү жана көзкарандысыз маалымат келип турат. Жети миллионго жакын өзбек мигранттары ар дайым интернет аркылуу өлкөсүндөгү абал тууралуу кабар алып, түрдүү форумдарга катышып, өз сын пикирин жазып турушат. Муну көргөн бийлик чет өлкөдөгү жарандары жакшы маалымдалып тургандыгын сезип, ошондуктан бул макалаларды жазган журналисттерге карата басымды күчөтүшүүдө.

Волосевич, ошондой эле, электрондук массалык маалымат каражаттарынын ролунун чоңойушуна тынчсызданып, натыйжада атайы кызматтар журналисттердин катарында тазалоо иштерин жүргүзүп жаткандыгын белгилеп өттү.



«Өзбекстандагы журналисттердин буга чейин мындай массалык сурака алынышы эсимде жок», – дейт ал.

Ташкенттеги Медиасерепчи, суракка чыкырылган кабарчылардын көбү так гана интернет журналистикасы менен алектенип, өз материалдарын дүйнөлүк жебеге жазып чыгаарын билдирди.

«Интернеттин ролунун күндөн күнгө өсүшүнөн улам, андагы маалымат да суроо талапка жооп берип, күндөн күнгө маанилүү болуп баратат, – дейт ал. – Ал эми интернетке жазган журналистти жумуштан кууп, же анын жетекчилигине басым көрсөтүү мүмкүн эмес болгондуктан, бийлике жакпаган ишмердүүлүгүн токтотуу үчүн коркутуу ыкмасын гана колдоно алышат.

Эммиграциядагы өзбек саясатчысы Ташпулат Юлдашев, прокуратурадагы журналисттер менен өткөрүлгөн маек – кандайдыр бир эскертүү, – деп баалады.

«Интернет баракчаларында Өзбекстан жөнүндө чыгып жаткан ишеничтүү чындык өкмөтүн оюу боюнча бийлик тараткан маалыматтын бардыгына карама каршы келип, түшүнбөстүктү жаратат. Жарыяланган маалымат согушуна каршылык көрсөтүүгө азырынча жетекчиликтин мүмкүнчүлүгү жок. Эми жазып жаткандарга каршы күч колдонула башташы да күтүлөт», – дейт ал. Өлкөнүн түндүгүндөгү журналист бул көзкарандысыз авторлорду куугунтукка алуу аракеттери, дүйнөлүк коомчулуктун көз жаздымында калышы мүмкүн деген оюуун билдирди.

«Журналисттердин активдүүлүгүн басуу үчүн бийлик эң эле ыңгайлуу убакытты тандап алган, – деп белгилейт Наумов. – Батыш жана чыгыш өлкөлөрү түрдүү себептерге байланыштуу расмий Ташкентке калыс көз карашта экенин көрсөтүшүүдө».

27-октябрдагы Европа союзунун тышкы саясий ведомстволорунун башчыларынын отурумунда Өзбекстанга каршы санкцияларды алып салуу чечими кабыл алынган.

ЕС кеңешинин маалымат кызматы билдиргендей – “Өзбек бийлиги мындан ары да адам укуктары жана мыйзамдуулукту орнотуу жаатында олутуу кадамдарды жасаарына ишенип, өлкөнүн мойнуна алган милдеттерин эске алып, кеңещ {ЕС мүчөлөрүнүн} калган чектөөлөрдү алып салууну чечти”.

Ошондо NBCA серепчилери Европа союзунун Өзбекстанга каршы санкциялардын бардыгын жоюу чечими өлкөдөгү укук коргоо абалын жакшыртууга өбөлгө түзөт, дегенге ишенбестик мамиле жасаарын айтып кетишкен.

# ТҮРКМӨН УКУК КОРГООЧУЛАРЫ БАТЫШ ДИПЛОМАТИЯСЫНА ҮМҮТТӨНҮШӨТ

***Париж Ашхабад менен болгон сүйлөшүүлөрдө талапты бекем коюшу керек, дейт укук коргоочулар.***

**1-февраль** күнү президент Гурбангулы Бердимухаммедовдун Францияга болгон үч күндүк расмий иш сапары башталды. Анын алкагында. Түркмөн делегациясы өкмөт жана парламент менен пикир алышып, ошондой эле экономикалык кызматташууга кызыктар болгон ири фирмалар катышкан бизнес форумда болушту.

Парижге келээрден мурун Түркмөнстандын адам укуктары үчүн күрөш алып барган жарандары жана эларалык укук коргоочу уюмдардын өкүлдөрү Франциянын тышкы иштер министрлигинин адам укуктары боюнча департаментинин жетекчисинин орун басары Оливер Джерот жана Борбор Азия менен Кавказ Департаментинин мүдүрүнүн орун басары Эрик Миллет менен жолугушуу өткөрүшкөн.

«Биз Франциянын президенти Николя Саркозини президент Гурбангулы Бердимухаммедов менен болгон жолугушуусунда адам укуктары жөнүндө маселени козгоп, бул жаатта абалды оңдоону кеңеш кылууга жана активисттерге көңүлүн буруп, алар менен сүйлөшүүлөрдү тезирээк баштоого үндөсүн деп өтүндүк», – дейт жолугушууга катышкан Болгариядагы адам укуктары боюнча Түркмөн Хельсинки фондунун лидери Таджигүлү Бегмедова.

Мындан тышкары Адам укуктары үчүн Лигасынын укук коргоочулары, Human Rights Watch, Репортеры без границ, эларалык адам укуктары федерациясынын жана Туркмен Хельсинки фондунун өкүлдөрү француз журналисттери үчүн маалымат жыйынын өткөрүштү.

2006-жылы авторитардык лидер Сапармурат Ниязовдун өлүмүнөн кийин бийликке келген президент Гурбангулы Бердымухаммедов “Мамлекет адам үчүн”деген принципти жарыялап, саясий эркиндике кичине жол берилээри тууралуу сөздүн четин чыгарымыш болгон.

Ошондой эле адам укуктары боюнча улуттук программанын үстүндө ишти баштап, он бир кишинин күнөөсүн кечирип, эркиндикке чыгарган. Аталгандардын арасында мурунку режимге каршы болгондор жана саясий туткундар бар эле.

Бирок укук коргоо тармагында сезилээрлик өзгөрүүлөр болгон жок. Мурдагыдай эле түркмөн түрмөлөрүндө саясий туткундар камалып, бийликтин ишин колдобогондор куугунтукка алынып, эркин жүрүү катуу чектелген. Өлкөдө көзкарандысыз маалымат каражаттары жокко эсе, бардык басылмалар бийликтин кол алдында болуп, цензурадан өтүшөт, ал эми бейөкмөт уюмдар каттоодон өткөрүлбөйт.

Бегмедованын сөзүндө, БУУнун тогуз атайы баяндамачылары азыркыга чейин Түркмөнстанга виза ала албай жүрүшөт. Адисттер белгилегендей, Ашхабад менен Париждин экономикалык кызматташуусу, өзгөчө франциялык "Буиг" курулуш компаниясынын түркмөн келишимдерине аралашышы жөнүндөгү талкуу учурунда, укук коргоо идеялары унутулуп калышы мүмкүн. Бирок абалды оңдоого болот.

«Каталарды оңдоо үчүн түркмөн бийлигине саясий эрк керек экенин түшүнөбүз, – дейт Бегмедова, – ошондуктан биз француз дипломаттарына Бердимухаммедовдун бардык берген убадаларын талдап чыгып, аларды ишке ашырууга көмөк көрсөтүшүн сунуштадык. Мисалы жергиликтүү кадрлардын деңгээлин көтөрүш үчүн студент, юрист, доктур жана журналисттер арасында тажрыйба алмашуу программаларын активдештирүү керек.

Башка укук коргоочулар да, Европа союзунун Түркмөнстандагы адам укуктары жаатына болгон таасири аз деген ойду колдошот. Бирок каалоо болсо прогресске жетсе болот деген пикирлерин айтышты.

Мисалы Ашхабад ОБСЕнин жыл сайын өтүп туруучу адамдык касиеттерди өлчөө боюнча кеңешмеге дайыма катышуудан баш тартат. Ал жерде мүчө мамлекеттер укук коргоо тармагындагы жетишкендиктери жөнүндө отчет берип турушат. Дипломатиялык сүйлөшүү жолу менен бул иш чарага Түркмөнстанды катыштырууга мажбурлоо мүмкүн болот.

«Бүгүн Франциянын бул ишти оңдоого жакшы шарты бар», – дейт эларалык адам укуктары боюнча федерациясынын президенти Сухаир Белхассен.

Нидерландыдагы Түркмөнстандын Демократиялык Жарандык Союзунун башчысы Вячеслав Мамедов да түркмөн бийлигинин репрессиялык саясатын токтотуу бир гана Европалык дипломатиянын колунан келет деген ойдо.

«Эгер эларалык колдоо болбосо, бул максатыбызга жетпей калышыбыз мүмкүн», – деп жыйынтыктады ал.



***Таджигүл Бегмедова,***
*адам укуктары боюнча Түркмөн Хельсинки фондунун лидери. Сүрөттөрдү IWPRга франциянын көзкарандысыз журналисти Сильвией Лассаре берген.*



*Эларалык уюмдардын өкүлдөрү Париждеги маалымат жыйынында.*

*Сүрөттөрдү IWPRга франциянын көзкарандысыз журналисти Сильвией Лассаре берген.*

# ӨЗБЕК БИЙЛИГИНИН ТУРАК ҮЙЛӨРДҮ КЫЙРАТУУ БОЮНЧА ИШ АРАКЕТИНЕ БОЛГОН НААРАЗЫЧЫЛЫК.

Жаңы долбоорду ишке ашыруу алкагында үйлөрүнөн айрылган Түркмөнстандын тургундарына, аткаминерлер ар түрдүү бюрократиялык шылтоолорго таянып, ураткан үйлөрү үчүн талап кылынган компенсацияны төлөп берүүдөн качышууда.

***Көп кабаттуу үйлөрдү жана жолдорду куруу үчүн кыйратылган үйлөрдүн ээлери компенсация үчүн күрөшүүдө.***

Айрымдары эле бийлике каршы чыгып, чет өлкөдөгү укук коргоочулардан жардам суроого даяр, калгандары болсо куугунтукка алынбаш үчүн көйгөйү жөнүндө унчукпаганга аргасыз.

Атын атагысы келбеген Ашхабаттын улгайган тургуну, жаңы жылдын алдында үйлөрдү уратуу компаниясы башталганда, аны жана анын коңшуларын тамдарын бошотуп чыгып кетүүгө мажбурлагандарын айтып жатып, көзүнө жаш айланды.

«Биздин үйлөрдү бузуп, бизди көчүрүп жатышат бул жерден», – деп карыя мурда борбордук базардын жанындагы кичинекей участогу бар үйдө жашагандыгын кошумчалады. Ага Ашхабаттын жаңы кичирайонундагы кичинекей батир бөлүнүп берилген. Бирок жер үлүшү жана жоготулган турак аянты үчүн компенсация төлөнгөн эмес.

Буга карабастан улгайган айым: башка үйлөрүнөн айрылгандарга караганда менин бактым дагы бар экен, – дейт, - “калгандардын абалы такыр эле кыйын, алар туугандарыныкында түнөп же батирди ижарага алып жашап жүрүшөт”. Турак үйдү ижарага алуу арзанга турбайт. Ижара акысы 200 АКШ долларынан өйдө болот. Көптөгөн тургундар мындай акчаны төлөй алышпайт. Анткени бул сумма болжол менен мамлекеттик кызматкерлердин орточо айлык маянасына барабар.

Мурдагы жылы Ашхабатта жана көптөгөн областтык борборлордо жашаган жарандар өз мүлкүнөн ажыраган. Анткени шаар жана айыл тургундарынын социалдык тиричилик шарттарын жакшыртуу боюнча мамлекеттик планынын алкагында, уратылган үйлөрдүн ордуна парк, мечит жана фонтандарды куруу болжолдонгон.

Айрым жерлерде эски, шарттары жок, бир кабаттуу жеке үйлөрдү уратышып, алардын ордуна бардык шарттар менен камсыз болгон көп кабаттуу тамдарды курабыз дешкен.

Эски көп кабаттуу имараттар да ошондой эле уратууга дуушар болушат.

Үйлөрдү кыйратуу боюнча кампания 2006-жылы каза тапкан Түркмөнстандын биринчи президенти Сапармурат Ниязовдун убагында эле башталган.

Ниязов жаңы жолдор, мечиттер, “маданият сарайлары” аттуу ири долбоорлорго болгон сүйүүсү менен белгилүү болчу. Анын оюнда бул өлкөнүн өнүгүүсүнүн эң негизги көрсөткүчү эле.

Аталган саясатты 2007- жылы андан кийин бул постко келген президент Гурбангулы Бердымухаммедов улантты. Жаңы мамлекет башчы шаар жана айыл элинин жашоо шарттарын жакшыртууну көздөгөн социалдык программаны дароо эле колдоп, ага жаңы көрк кошкон.

Түркмөнстандын мыйзамдары боюнча, алардын мүлкү мажбурлоо иретинде тартылып алынышы мүмкүн, бирок бул учурда компенсация төлөнүшү зарыл. Буга байланыштуу болгон чырдуу суроолор үйлөр уратылганга чейин, сот аркылуу чечилиши керек.

Тургундардын пикиринде, аларды үйлөрүнөн зордоп чыгаргандары аз келгенсип, тамдарына татыктуу компенсацияны алыш үчүн алар малекет менен күрөшүүгө аргасыз. Бул алардын сөзүндө – укуктарынын тебеленип жаткандыгы.

Кээ бир учурларда аткаминерлер, үй ээлеринин менчике болгон документтеринин толук эместигинен пайдаланып, аны шылтоо кылып, акча төлөп берүүдөн баш тартышат. Өзгөчө мындай кырдаалага Советтер союзу кулагандан кийинки башталган менчиктештирүү процесси убагында үйлөрүн, же жер аянттарын каттата баштагандар кабылган. Алардын айрымдары мыйзамдуу менчик укугуна ээ болгону менен, менчиктештирүү иштерин аягына чейин чыгарбай калган.



**Куня Ургенч**



**Жаңы кичи район**

IWPR менен болгон маегинде, Ашхабаттагы мамлекеттик мекеменин юристи, ар бир документ кызматкерлер тарабынан кылдат текшерилээрин тастыктады.

Совет учурунда жумушчу ишке кирээри менен ага үй берилчү.

«Эгер бул үйлөр менчиктештирилбесе, же болбосо батир ээси жумуш ордун көп өтпөй эле таштап кеткендиги аныкталса [иштен кетип, бирок ведомстволук батирде жашап жүргөн болсо], же документтердеги мөөрлөр же кол жазмалар шектүү деп табылса, ошондой эле менчиктештирүү туура эмес катталган болсо, жарандардын бул тамды талашканга эч кандай укугу жок деп табылып, компенсациясыз эле үйүнөн куулуп чыгарылат», – дейт юрист.

Турак аянтына болгон укуктарын далилдей алган атуулдар да оңой эмес абалда калышууда. Аларды биринчи үйлөрүнөн көчүрүшүп, андан соң татыктуу эмес компенсация төлөп беришүүдө.

Өлкөнүн батышындагы Түркмөнбашы шаарынын тургундарынан турган топ бүлдүрүлгөн тамдарынын жанында наразычылык акциясын өткөрүп, жергиликтүү бийликтен татыктуу компенсация төлөнүүлөөрүнө кепилдик беришин талап кылышкан. Алардын тамдарынын ордуна эми автомагистраль курулмакчы.

Мындай бийликке каршылык көрсөтүү акциялары Түркмөнстанда өтө эле сейрек кездешет. Анын натыйжасында үйлөрдү уратуу боюнча иштер токтотулганы менен, шаардык администрациянын өкүлдөрү азыркыга чейин бир сөзгө келише албай жатышат.

Өлкөнүн түндүгүндөгү Куня-Ургенч шаарында жыйырмадан ашуун турак үйлөр жана башка имараттар кыйратылып, алардын ордуна бийлик мечит курууну көздөгөн.

Атын атагысы келбеген жергиликтүү активисттин сөзүндө, «бийлик такыр бул үйлөрдү компенсациялоодон баш тарткан. Тургундарга болгону шаар четинен жер үлүштөрү бөлүнүп, ошондой эле бузулган үйлөрүнөн калган, курулуш материалдарын ташып кетүүгө уруксат берилген.

Муратберды аттуу Ашхабаттын тургуну, шаар администрациясынын кызматкерлери анын документтерин бир нече ай текшерип, андан соң аянты боюнча мурунку үйүнө караганда кичинерээк тамга акысы бар экендигин жарыялашкан.

Ашхабаттагы серепчи IWPRга, азыр абалдын жакшыргандыгы жөнүндө баяндады. “Ниязовдун учурунда үйүң уратууга кетээри жөнүндө алдын ала кабар да беришчү эмес ”, – дейт ал. – “Эң өкүнүчтүүсү, эки – үч жыл мурун эле жаңы там салганга уруксаат алган адамдар, азыр эки жуманын ичинде үйүңөрдү бошотуп, чыгып кеткиле деген билдирүүлөрдү алып жатышат”.

Серепчи ошондой эле компенсация тууралуу арыздарды караган учурда, шаар жетекчилиги жарандардын жер

үлүштөрүн, жана чарба курулуштарын эске албаарын тастыктады.

«Беш же он адамдан турган үй-бүлө, эки же бир бөлмөлүү батирге көчүрүлүп калат», – дейт серепчи.

Байкоочулардын пикиринде, коомчулук бийлик тарабынан башталган курулуштан эч кандай пайда тапкан жок. Жаңы үйлөр жөнөкөй адамдын чөнтөгүнө туура келбеген баада сатылат. Кээ бир долбоорлор үйлөрдү уратуу менен эле калып калышат. Тандалган аянт тамдардан тазаланып, ал эми мечит же башка имараттардын курулушу себепсиз токтотулуп жатат.

Башка долбоорлор болсо башынан эле ийгиликсиз деп табылгандыгынан жабылып калат.

Ниязовдун учурунда короо жана бакчалары бар чоң кыштак толугу менен уратылгандыгы ашхабаттыктардын эсинен кетпейт. Бул кыштактын ордуна зоопарк курулат деп ишендиришкен, бирок долбоор ишке ашпай, ошол бойунча токтоп калды. Анткени тандалган аянт эларалык аэропортко жакын жайгашкандыктан, ал жерде жаныбарларды кармоо мүмкүн эмес экен.

Тургундардын басымдуу бөлүгү аларга бөлүнгөн жолдун боюндагы участокторду пайдалануудан баш тартышып, эч нерсесиз калышты.

Ашхабаттагы серепчинин пикиринде, көчүп кетүүгө аргасыз болгон тургундардын сотко кайрылуу аракеттери акталган жок. «Фемидадан жардам сурагандар болгон, бирок иши оңунан чыккандар жөнүндө уккан эмесмин».

Жарандардын арыздарына болгон бийликтин кыймыл аракетинен бир эле мисал келтире алабыз, – дейт атын жашырган тургун, – өткөн жылдын декабрь айында башкы прокуратура төлөнүп жаткан компенсациялардын туура берилишин текшере баштады.

Адилеттүүлүктү издөөдө, өз өлкөсүнөн үмүтүн үзгөн жарандар айласыздан бийлике каршы чыгып, эларалык уюмдарга кайрылышты.

Болгариядагы Түркмөн Хельсинки фондунун башчысы Таджигүл Бегмедова анын уюмуна менчик укуктары бузулган бир нече адамдан кат келип түшкөндүгүн билдирди.

Алардын басымдуу бөлүгү, бийликтин үй ордуна башка турак жай бөлүп берүүдөн баш тарткандыгына арызданышууда.


«Бүгүнкү күнгө чейин алар адилеттүүлүктү табалбай келишет», – деп кошумчалады ал.

Нидерландыдагы Түркмөн юристтер ассоциациясынын жетекчиси Тимур Мисриханов, бир нече арыз БУУга жолдонгонун билдирди. Бирок анын айтуусунда мындай көрүнүштөр аз кездешет, анткени эларалык уюмдарга кайрылуу өтө кооптуу деп саналат.

«Көпчүлүк учурда жарандарга басым көрсөтүлүп турат, бул себептен алар өз укуктарын коргоодон баш тартууга аргасыз», – дейт Мисриханов.

***Довлет Овезов – Ашхабаттагы журналисттин тергеме аты, жана Инга Сикорская – Түркмөнстан жана Өзбекстан боюнча IWPRдын башкы редактору.***

**Байланыш маалыматтары:**
Institute for war & peace reporting
48 Gray's Inn Road
London, WC1X 8LT, UK
Tel: (44 20) 7831 1030
Fax: (44 20) 7831 1050
Web: www.iwpr.net
E-mail: info@iwpr.net



**IWPRдин Кыргыз Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Кыргыз Республикасы,
Бишкек ш. , 720017
Тоголок Молдо көч, 18-2
Тел: + 996 312 66 44 53, 61 38 70
Факс: + 996 312 61 38 70
E-mail: iwpr.kyrgyz@iwpr.net



**IWPRдин Казакстан Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Казах Республикасы,
Алматы ш., 050000
Казыбек би көч, 50
2-чи кабат, 84 кеңсе
Тел.: +7 727 272 59 03, 272 64 21, 272 68 90
E-mail: iwpr.kazahstan@iwpr.net



**IWPRдин Тажикстан Республикасындагы өкүлчүлүгү**
Тажикстан Республикасы,
Душанбе ш., 734003
Рудаки көч., 137 «Точикматлубот», 6 кабат
Тел.: + 992 372 247026
Тел./Факс: +992 372 247051
E-mail: iwpr.tajikistan@iwpr.net

Макаланын мазмунуна IWPR толук жоопкерчиликти мойнуна алат жана ал Европа Шериктештигинин өлкөлөрүнүн көз карашын чагылдырбайт.